Скырг
А55



Элмира
Алымкулова

# КҮЗГҮ КАЙРЫКТАР

об.

С кырг
А 55

ЭЛМИРА АЛЫМКУЛОВА

# КҮЗГҮ КАЙРЫКТАР



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484805

БИШКЕК – 2025

УДК 821.512.154-1
ББК 84(5Кир)-5
А 46

Алымкулова Э.
А 46 **Күзгү кайрыктар:** *Ырлар.* – Б.: «Улуу Тоолор», 2025. –192 б.

ISBN 978-9967-4567-845-4

УДК 821.512.154-1
ББК 84(5Кир)-5

ISBN 978-9967-4567-845-4

© Алымкулова Э., 2025.



## АКЫН КЫЗГА АК ЖОЛ КААЛАЙМЫН

Ар бир адамдын эле көөдөнүндө тепкилеп тынчтык бербеген ар кандай нерсеге жөндөмдүү таланты болот эмеспи. Жан дүйнөсүндө, көрөңгөсүндө болсо анан сырт-ка чыгат бар таланты адамдын. Элмиранын ырларын окуп отуруп көп нерсеге күбө болдум.

Жандүйнөсү таза акын кыздын ырларында үй-бүлөсүнө, сүйгөн жарына, уул-кыздарына, неберелерине, турмушка, мекенге, жаратылышка деги койчу баарысына кайрылып, арнап жазганына карап акын кыздын акактай таза жүрөгү, жасалмасы жок арууулугу, назиктиги, боорукерлиги так даана байкалып турат.

Ар бир ыры жалпак тилде жеткире жазылып турганынын өзүндө аурасы таза ырлар төгүлүп турганын көрүүгө болооруна ынандым. Акын өз оюн, максат-тилегин кеңири образда жеткире бере алган.

Ырларында көбүнчө философиялык жактан да, тарбиялык мааниси жактан да жеткире берүүгө аракет кылып жатканы көрүнүп турат.

Аз убакыт ичинде ыр дүйнөсүнө аралашса да поэзия бутактарында бүчүр байлап өсүүгө далалат кылып жаткандыгы кубанаарлык деп баалаймын.

Кашыкта болбосо чөмүчтө кайдан ?

Көөдөнүндө бар төгүлүп жазып жатат да.

Мезгилдер келгенде Элмира эң татыктуу акын кыз болуп элдин эсинде кала турган, эл мындан ары да чыгармаларын сүйүп баалап сүйө турган акын болооруна ишенип кубанып «ак жол каалаймын, Поэзия бакчасында бутак

шактап, өнүп өсүп бийиктерге жете бер, классикалык ырларды жазууга жол ал дегим келет.

Жаркылдаган жан шеригинен ажырап жан дүйнөсүнүн жабыркап турганын ар бир экинчи ыр саптарынын катарынан көрүп , сүйүү мунарасын курган жүрөгү баалadым.

Жаркылдаган уул-кыздарынын, тоодой болгон элинин, деги эле Кыргызымдын сүйүктүү акын кызы болооруна тилектеш экеним чын.

Мындан ары да көптөгөн ийгиликтерди жаратып чыгармачылыкта чарчабай чаалыкпай бийиктерге жете бер, көптөгөн китептерди жаратып Кыргыз адабиятына өчпөс из калтырган чыгаан кыздардан бол Элмира !

***Маметова Зуурабү Алимбековна***
***САНТА,*** *Кыргыз Журналисттер Союзунун мүчөсү. Академик, Афган согушунун ардагери, акын жазуучу, котормочу, прозаик.*





## БИР ӨЗҮҢДҮ САГЫНАМ

Оо ал кезде менин жаштык кезимде,
Жаңы гана сүйүү жанып сезимде.
Эң биринчи жолугушкан күнүбүз,
Күнү бүгүн өткөнүндөй эсимде.

Жылдыз толгон жашыл жайдын кечинде,
Келген элек биз экөөбүз чечимге.
"Эч убакта бөлүнбөйбүз эми" – деп,
Айткан сөзүң азыр деле эсимде.

Эске албай кандай жашоо күтөөрүн,
Биз ал кезде оттой жанып жүрүппүз.
Тагдырыбыз кандай күнгө келээрин,
Аттиң дүйнө, аны кайдан билиппиз.

Сени ойлосом сыздап кетет кабыргам,
Аны сен да сезгендейсиң кабырдан.
Өмүрдөгү эч баа жеткис табылгам,
Айла канча мен өзүңдү сагынам.

*01.11.2024-жыл.*

## САГЫНЫЧЫМ ТҮГӨНБӨЙТ

Ашык болуп бирибизге бирибиз,
Табышканбыз бирге болуп дилибиз.
Бөлүнбөйбүз түбөлүккө дегенбиз,
Убаданы бузуп алдык кимибиз.

Эсиңдеби биз антташкан күнүбүз,
Ай ааламга жеткен өңдүү сүйүүбүз.
Тагдыр деген татаал болот турбайбы,
Эки жакта калдык минтип эми биз.

Ак сүйүүнүн илебине жылынып,
Коштоп бизди сезимдеги сулуулук.
Кайталангыс ошондогу көз караш,
Берип жүрөт азыр деле жылуулук.

Колдон буттан тушап алып кусалык,
Азыр менин жүрөгүмдү жүгөндөйт.
Бир өзүңсүз өмүрүмө гүл өнбөйт,
Сага деген сагынычым түгөнбөйт.

*02.11.2024-жыл.*





## АЙТАМ САГА

Турмуш жолу татаал болот байкагын,
Келген адам билгин кайра кайтаарын.
Түркүк болгон бул дүйнөгө эч ким жок,
Калпып жаша бул жашоонун каймагын.

Бакыт деген ар адамга бир келет,
Баалай билсең сени менен бир жүрөт.
Ак эмгектин көрүп дайым үзүрүн,
Бул жашоодо жакшы жашап гүлдөп өт.

Айтам сага жаныңды көп кыйнаба,
Жан кейитип көп оокатты жыйнаба.
Көр тирилик азабынын айынан,
Көңүл чөгүп капаланып ыйлаба.

Дагы айтам туталанып күйбөгүн,
Сүйбөгөндү сен да такыр сүйбөгүн.
Азап чегип, кайгы тартып жүргөнчө,
Ойноп-күлүп өмүр барда гүлдөгүн.

*01.11.2024-жыл.*

## ЖҮРӨГҮМӨ

Мен жашоодо далай жолу ыйладым,
Ыйлап жүрүп жүрөгүмдү кыйнадым.
Үмүт өчүп, айлам кетип жүргөндө,
Эх жүрөгүм! жамандыкка кыйбадың.

Ыйлаганда мени менен кошо ыйлап,
Сен жүрөгүм көп нерсеге түткөнсүң.
Сокпой калбай, алдан тайып турганда,
Сороонор деп мени далай күткөнсүң.

Бугум чыкпай абдан эле буулуктум,
Көп нерсени келип кетет унуткум.
Өтөөр өттү, сен да унут жүрөгүм,
Бекер эле азап чегип, күйбөгүн.

Жан дүйнөмө жамандыкты кылбайын,
Жүрөгүмдөн кечиримди сурайын.
Дагы далай жакшы күндө бир болуп,
Эх жүрөгүм! согуп турчу ылайым.

*02.11.2024-жыл.*





## АКМАРАЛЫМ

Акмаралым сүрөтчү,
Жакшы тартат сүрөттү.
Үйдүн баарын толтуруп,
Дубалдарга гүл өстү.

Чоңойгондо мен кийин,
Чоң сүрөтү болом дейт.
Жакшы көргөн нерседен,
Сүрөт тартып коём дейт.

Мени тартып сүрөткө,
Жоолугуңду коздойм дейт.
Көзү жакшы көрсүн деп,
Очки тагып коём дейт.

Конкурстарга катышып,
Белек алып кубанат.
Дагы эмне тартам деп,
Эжесинен суранат.

Алтын кызым Акмарал,
Канат байлап уча бер.
Ой-максатың орундап,
Тилегиңе жете бер.

*02.11.2024-жыл.*

## КЕЛДИ КЫШ

Айлана бүт аппак болду бир укмуш,
Келди мына келди бизге дагы кыш.
Көптөн бери көрбөгөнгө мындай кыш,
Сездим бүгүн көргөн сымал сонун түш.

Бала кезде кышты көрчүм ушундай,
Жолдун үстү көлдүн тоңгон музундай.
Сыйгаландым жолдон өтүп баратып,
Бала кезде биз муз тепкен учурдай.

Карабастан кычыраган ызгаарга,
Жапжаш балдар муз тебишип жыргады.
Мен аларды карап турдум суктанып,
Кандай жыргал балалыктын жылдары.

Жан дүйнөгө жакшы сезим тараткан,
Кыш мезгилдин кереметы бул дагы.
Кандай сонун табийгаттын сырлары,
Бүтпөсө экен кыш күндөрдүн ырлары.

Кычыраган карда кетип баратып,
Ойго келди илгеркилер айткан кеп.
Үшүсөм да мен өзүмө эскерттим,
Кыштын кыштай суугу эле жакшы деп.

*12.12.2023-жыл.*





## ЫР ЖАЗАЙЫН

Ыр жазайын, кыял дегдеп турганда,
Ыр жазайын, көңүл эңсеп турганда.
Ыр жазайын, сезим толуп турганда,
Ыр жазайын, жүрөк согуп турганда.

Ыр жазамын, көңүл ачык турганда,
Ыр жазамын, бутум басып турганда.
Ыр жазамын, гүлдөр ачып жатканда,
Ыр жазамын, күн нурларын чачканда.

Ыр жазайын, сезимимди ойготуп,
Ыр жазайын, колдорумду ойнотуп.
Ыр жазайын, күнү-түнү толготуп,
Ыр жазайын, жүрөк менен болжошуп.

Ыр жазайын, талыганча колдорум,
Ыр жазайын, арыганча ойлорум.
Ыр жазайын, карыганча колдорум,
Ыр жазайын, түгөнгүчө жолдорум.

Ыр жазайын, максатыма жеткенче,
Ыр жазайын, кыялданып бүткөнчө.
Ыр жазайын, жүрөгүмдүн сезгенин,
Ыр жазайын, бекер өтүп кеткенче.

Ыр жазайын, окурманды тапканча,
Ыр жазайын, жашоо эшик жапканча.
Ыр жазайын, кыял ишке ашканча,
Ыр жазайын, акылымдан танганча.

Ыр жазайын, көзүм көрүп турганда,
Ыр жазайын, кулак угуп жатканда.
Ыр жазайын, дос, туугандар окушуп,
Ыр жазайын, ыр дүйнөгө батканга.

Ыр жазайын, жүрөк толкуп ташканча,
Ыр жазайын, көңүл булкуп ашканча.
Ыр жазайын, ырым менен сырдашып,
Ыр жазайын, сырым бүтүп калганча.

*13.02.2024-жыл.*







## НАСААТ ЫР

Кубалашып күндөр өтсө өтө тез,
Өмүрүңдүн өткөндүгүн билип сез.
Мезгил деген күтүп турбайт эч качан,
Таңдар атса кайра кирет күүгүм кеч.

Кылаар ишти эртеңкиге калтырба,
Чоң иш калат жасап койсоң артыңда.
Кийин кылам деп жылдырсаң аркыга,
Эч ким билбейт эмне болот алдыда.

Эртеңки күн келет, келбейт белгисиз,
Ошондуктан бүгүн менен жашагын.
Өткөн өттү, кеткен кетти кайрылбайт,
Келгендердин билгин кайра кайтаарын.

Жашоо керек күндү бекер өткөрбөй,
Сезүү керек кышты жазгы көктөмдөй.
Карыдым деп карап жатып албастан,
Жашаш керек балалыкта жүргөндөй.

Эч нерсе жок тура берээр эскирбей,
Күн да батат тура бербейт кеч кирбей.
Күтө берсек бактылуу күн келет деп,
Өмүр чиркин өтүп кетет жеткирбей.

Айтаар кепти салып айткын акылга,
Жаман сөздү көтөрө албайт жакын да.
Ойлонбогон ооруп калат онтобой,
Ойлоп жазат ырды жазган акын да.

Ар ким жашайт өзүнүн жолу менен,
Өз тагдырын жасашып колу менен.
Кудайдан суроо керек кенен-кенен,
Бере турган жалгыз гана кудай экен.

*04.03.2024-жыл.*

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көлдү көргөндө суктанамын,
Жан дүйнөмө балкыган жыргал берет.
Жээгиндеги толкуну толкуп келип,
Ырларыма чеменсиз ыргак берет.

Эстен кеткис элести берет мага,
Ысык-Көлдүн жээгинде таңды тосу.
Шарпылдаган толкундун добушуна,
Кандай жыргал кыңылдап үнду кошуу.

Ак чардактар кайкыса ары-бери,
Ак жүзүңдөн сыласа жайдын жели.
Көпкөк болуп Ысык-Көл чалкып жатса,
Келгенсиди жүрөккө жаштык деми.

Жер жүзүндө көл жок да сага теңдеш,
Ысык-Көл жер жүзүнө таралгансың.
Кылымдарды карытып жашай бергин,
Кыргызымдын бактысына жаралгансың.

*29.05.2024-жыл.*





## АКЫНДАР

Акындардын шаарына барып келдим,
Алардан мен чоң сабак алып келдим.
Эргүү алып акындар деген сөздөн,
Оттой болуп оргуштап жанып келдим.

Акын деген чынында өзгөчө жан,
Карап туруп аларга беремин таң.
Канткенде сөздөрдү ырга айлантат?
Деп ойлонуп өзүмчө боломун маң.

Акындарга ааламдан сырлар келет,
Аң-сезимде толгонуп ырлар келет.
Удургуган ойлорду тизмек менен,
Мончоктогон ыр кылып элге берет.

Акындардын керемет дүйнөсү бар,
Ыр түрүндө сөздөрдү сүйлөшү бар.
Ааламдагы болгонду сезип коёр,
Акындардын сыйкырдуу үндөшү бар.

Акындардын жүрөгү сезгич келет,
Ар бир сөздүн мааңызын эзгич келет.
Өлкөдөгү кырдаалды болуп жаткан,
Ырга кошуп элине бергич келет.

*30.05.2024-жыл.*

## БУЛАНБЕК АКЕГЕ

Сизге арнап ыр жазайын кураган,
Ыр арнабай анан кантип туралам.
Ыр жазасыз жүрөктөрдү ойготкон,
Окуганда көп нерсени ойлонткон.

Агатайым сизди теңейм Жолонго,
Ырларыңыз өтө бийик Долон го!
Ырларыңыз жүрөктөрдү эритет,
Ырдагандай салып алып обонго.

Билем ага тоолор тоого тең эмес,
Биздин Өтмөк Долондон да кем эмес.
Өзүңүздү чоң ашууга теңедим,
Мага келди дал ушундай бир элес.

Алыкулдан ашса ашып, кем калбай,
Ыр жазыңыз токтобостон дем албай.
Дүйнө элинин акындарын жазыпсыз,
Сиз жазыңыз ошолордон кем калбай.

Сиз жазасыз классик акындарды,
Жазгандары өзүңүзгө жакындарды.
А мен жазам, жөнөкөй ырларымды,
Кошуп коюп ичине сырларымды.

Билем, билем ырды абдан баалайсыз,
Ыр дүйнөдөн күндө бир кыз жандайсыз.
Сулуулардын лира ырын баалайсыз,
Сулуулардын сулууларын тандайсыз.





Катарына кошуп ошол кыздардын,
Карындашка качан ырды арнайсыз.

Карыдым деп жазбай жатып албаңыз,
Калкыңызга ырлардан көп арнаңыз.
Кайраттанып кайра-кайра ыр жазып,
Камчыңызды канжыгага байлаңыз.

*09.06.2024-жыл.*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487805

## ЖАШОО СЫРЫ

Жашоо сырын кыйын экен түшүнүү,
Жакшы күндү жабыркабай күтүнүү.
Өткөндөрдү бүт жадыңдан өчүрүү,
Келгендерди жүрөгүңө көндүрүү.

Жашоо эмне жамандыкты көрүүбү?
Сабыр тилеп кейип жүрүп өтүүбү?
Жакшылыкты көрүү үчүн бел байлап,
Жараткандын жазмышына көнүүбү?

Кудай бизди кыйналып өт дедиби?
Жакшы күнгө чайналып жет дедиби?
Балакетти өз башыңа чогултуп,
Куйкаланып, жалындагын дедиби?

Эх адамдар! Асан кайгы болобуз,
Жамандыкты эч унутпай коёбуз.
Убакытты өткөрөбүз эзилип,
Көп нерсеге келебиз биз кечигип.

Бут нерседен күнөөлүүбүз өзүбүз,
Көрүп-билип жетип турса көзүбүз.
Кабылдабай мыйзамдарын жашоонун,
Жаратабыз тоскоолдукту өзүбүз.

Жашоо деген жакшы сезим жаратуу,
Жакшылыкты жер жүзүнө таратуу.
Абдан жакшы адам тура ушул деп,
Тамшандырып адамдарды каратуу.

*07.06.2024-жыл.*





## ПЕЙИЛ ЖОК

Илгеркидей азыр элде пейил жок,
Анан кантип болот менде көңүл ток.
«Ысык наным бышты жеңе келгин» – деп,
Азыр мага чайын сунаар келин жок.

Илгеркинин пейли кенен болушчу,
Кезектешип койлорунан союшчу.
Бирин-бири чакырышып тамакка,
Кошуналар ынтымактуу болушчу.

Уйлар тууса жасап алып көжөнү,
Кошуналар бир-бирине беришчү.
Куру келбей анда дагы үйүнө,
Ырымдашып көтөрүнүп келишчү.

Эгер эле нан түгөнсө үйүндө,
Кошунага барат эле жүгүрө.
Жалгыз наны калса дагы алардын,
Жарты нанын берет эле сүйүнө.

Ал кездеги элдин пейли кенендей,
Айтпай эле бара берчү конокко.
Дасторконду жая салып белендей,
Ошол күндү айландырчу жомокко.

А азырчы, азыр анын бири жок,
Дарбаза бек, үйлөрүнө кирүү жок.
Кайтып келсе ошондогу пейилдер,
Атаганат болор эле көңүл ток.

*06.06.2024-жыл.*

## ЖАМАН СӨЗ

Жаман сөз деген жаман да,
Жан дүйнөнү кемирген.
Көңүл бурбай коюш үчүн,
Жаралуу керек темирден.

Жакындан уккан жаман сөз,
Кетпейт экен көңүлдөн.
Жүрөгүңдү оорутат,
Өткүчөктү өмүрдөн.

Бүгүн барлар эртең жок,
Бааласак адам көңүлүн.
Жакшы сөздү арнайлы,
Жашартып адам өмүрүн.

Бой көтөрүп килеңдей,
Чыйт түкүрүп чиренбей.
Сылашып жалган дүйнөдө,
Жашасак болот бир элдей.

Билем бирок жашоодо,
Беш кол деген тең эмес.
Ошентсе да билели,
Адамдан адам кем эмес.

*02.06.2024-жыл.*





## ЫР ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ЭСЕЛЕП

Өзүңдү эстеп күнү-түн,
Эзилип жүрөк муңканат.
Үзүлбөй дале үмүтүм,
Жазылып бүтпөйт махабат.

Балдарды көрүп аманат,
Эрксизден кылам канагат.
Уйкусуз түндө жазылган,
Ырларым сага арналат.

Карыганда жүрбөдүк
Неберени жетелеп,
Бир жүрбөй калган күндөргө,
Ыр жазгым келет эселеп.

Ээлеп бардык оюмду,
Баратат санаа жетелеп.
Өзүңдү эстеп сагынуу,
Али да менден кете элек.

Арманым угаар адам жок,
Кагазга жазам муңумду.
Арнап сага ыр жазып,
Бошотуп алам жүгүмдү.

*02.06.2024-жыл.*

## БАЛА

Бала деген кандай сонун угулат,
Сезимдерге ыр сунгучтай туюлат.
Бала деген жылуу сөзгө келгенде,
Аккан суудай ырлар ылдый куюлат.

Жаркырап күн тийип турган сыяктуу,
Бала деген жылуулукту билгизет.
Бажырайып ачылган гүл өңдөнүп,
Бардык үйгө бала бакыт киргизет.

Балдар менен жашоо өзү уланат,
Балдарым деп ар бир эне кубанат.
Балдарынын бактысына сүйүнбөй,
Айткылачы кандай эне тура алат.

Кимдер гана бала болуп көрбөгөн,
Кайгысы жок ойноп-күлүп жүрбөгөн.
Ата-эненин кучагында кубанып,
Кимдер гана бала доорун сүрбөгөн.

Бала жыты бүт аялга буюрсун,
Баласы жок өткөн өмүр курусун.
Бала бакыт, бала өмүр, бала кут,
Бала үнү бардык үйдө угулсун.

*01.06.2024-жыл.*





## АДАМДАР

Ар адамдын өзүнчө дүйнөсү бар,
Ал дүйнөдө жашашып келет алар.
Кээ биринин дүйнөсү кенен болсо,
Кээ бироонун дүйнөсү а мүмкүн тар.

Кээ бирлери шаңкылдап шайыр келет,
Кээ бирлери жаркылдап жайыл келет.
Кээ бирлери айттырбай баарын сезип,
Жүрөктөрү баарына дайын келет.

Кээ адамдар ишенчээк, жумшак болот,
Андай жанды колдонуп жумшап коёт.
Кээлеринин мүнөзү катуу болот,
Ооруп жаткан адамды сурап койбойт.

Кээ адамдар жыргашып кыялкечтер,
Кээ бирлери билинбей зыянкечтер.
Турмуш жолдон адашып майтарылып,
Кээ бирлери бузулган аракечтер.

Кезигесиң жашоодо көп адамга,
Телегейи тептегиз төп адамга.
Жакшы-жаман экен деп бөлбөйлүчү,
Бардык адам опокшош бир адам да.

*31.05.2024-жыл.*

## КИМ КӨРДҮ

Ким көрдү мен жоготкон жүрөгүмдү,
Издеп жүрөм үзбөстөн күдөрүмдү.
Таап алсам кайрадан эстейинчи,
Бир кездеги сүйүү толгон күндөрүмдү.

Ким көрдү жүрөгүм менин кайда,
Жоготкондон изденип таппайм айла.
Калтырып кеткен окшойм өзүңө мен,
Экөөбүз бирге олтурган көк майсанда.

Канча жыл өтсө дагы издеп келем,
Анткени өчпөйт тура сүйүү деген.
Сен кайра келбесиңди билсем дагы,
Өткөрөм күндөрүмдү күтүү менен.

*17.07.2024-жыл.*





## ӨТКӨНДҮ ӨТКӨРӨЛҮ

Эми биз артыбызга бара албайбыз,
Эңсеген жаштык кезди таба албайбыз.
Карылык өзүнүкүн алат экен,
Кайрадан жапжаш болуп кала албайбыз.

Бул өмүр чындыгында жомок экен,
Адамдар ага келген конок экен.
Жомоктон өз ордуңду таба билсең,
Бардыгы өз жайында болот экен.

Өткөрүш керек экен өткөндөрдү,
Жайына коюш керек кеткендерди.
Баа берип жашаш керек болот тура,
Кудайдан күндө сага келгендерди.

*05.11.2024-жыл.*

## ӨМҮР ДЕГЕН

Өмүр деген бир адамга бир келсе,
Өкүнбөстөн жашаш керек күн келсе.
Өмүр деген беле сага оюнчук,
Жасап алчу колуң менен бир нече.

Түптүз жолдон жыгып койгон чалынтып,
Тагдыр жолу чатак экен ушундай.
Туруу керек жатып калбай кайрадан,
Чыгуу керек башка түшкөн жагдайдан.

Үзбөш керек эч убакта үмүттү,
Жеңе билгин сага келген күйүттү.
Сабыр деген жакшы нерсе карманса,
Сабыр менен үмүт келет жардамга.

*04.11-2024-жыл.*







## АЯНА КЫЗЫМА

Кылыгыңдан айланайын ай кызым,
Жарык чачып жанып турган жылдызым.
Мага дайым бактылуулук тартуулап,
Асмандагы күндөй болуп жан кызым.

Баштагыдай балалыгың жоголуп,
Баратасың күндөн-күнгө чоңоюп.
Сыймыктанаар элдин кызы боло көр,
Ак куу сымал периштедей койкоюп.

Тун неберем алтын кызым Аянам,
Алдыңдагы жолуң дайым шыр болсун.
Өзүңдү мен абдан жакшы көрөмүн,
Ушул ырым сага бүгүн гүл болсун.

Бир кудайдан сага бакыт сурайын,
Сен кубансаң мен да күлүп турайын.
Өмүр жашың кудайыма аманат,
Маңдайымда тийип турган Күн, Айым.

*18.11.2024-жыл.*

## ЭЛҮҮ БЕШ ЖАШ

Мына бүгүн элүү бешке мен толуп,
Олтурамын балдарымдын төрүндө.
Аллахыма шүгүр кылам биринчи,
Насип кылган ушул күндү көрүүдө.

Мына дагы жашыма жаш кошулуп,
Улгайгандай сезип турам өзүмдү.
Улуулуктун өзүнчө бар мааниси,
Куттуу кылсын кудай ушул кезимди.

Өкүнбөймүн жаштык өтүп кетти деп,
Ал мезгилим кетти окшойт кыр ашып.
Эмгек менен, мээнет менен өстүргөн,
Бала-чакам турса болду сыйлашып.

Бул жашоонун өзүнчө бар тартиби,
Тартип менен жашоо жакшы деп билем.
Карылыктын доорун жакшы өткөрүп,
Балдарыма бата берсем деп жүрөм.

Жаштыгымды балдарымдан көрсөм дейм,
«Улуу» деген сөздүн өзүн кадырлап.
Жакшы күндү көп бере көр кудайым,
Неберелер өсө берсин жадырап.

*24.03.2020-жыл.*





## АПАКЕМ

Апакемди эстеп кеттим мен бүгүн,
Алтыным ай өзгөчө бир жан элең.
Баарыбызды ойлоп турган тегиздеп,
Эмгегиңе азыр абдан таң берем.

Сегиз бала бир короодо чоңойдук,
Сегиз башка кыялыбыз бар эле.
Эки-экиден кээ күндөрү урушуп,
Башыңызды ооруту ппуз жакшы эле.

Тарбияңа маани берем азыр мен,
Турмушумда тийип жатат пайдасы.
Бирок кеттиң мезгилсиз бул дүйнөдөн,
Издеп таппай мен ошого күймөнөм.

Сагынамын азыр апа өзүңдү,
Көргүм келип күлүңдөгөн көзүңдү.
Кээде мактап, кээде катуу урушкан,
Алтын апам уккум келет сөзүңдү.

Апакем ай болсоң экен бейиште,
Ушуну мен кудайдан көп суранам.
Чоң эстелик койбосом да өзүңө,
Ушул ырым болсун сизге гүлдесте.

*05.04.2020-жыл.*

## КЕЧИККЕН ЫР САПТАРЫ

Эмнеге мурдатадан жазган жокмун,
Поэзия сырларынан ачкан жокмун.
Жашоомду ырым менен көрктөндүрүп,
Жолунан акындардын баскан жокмун.

Улгайып келди бизге кутман курак,
Оюма ырлар келет убап-чубап.
Чоңоюп уул-кыздар турмуш куруп,
Аралады чачыбызды аппак бубак.

Сөздөрдү сүйлөп калдык азыр тандап,
Балдарга акыл айтып, жөлөп-таяп.
Убакыт учкан куштай өтөт тура,
Жашайлы жакындарды сыйлап аяп.

Сыйлашып жашаганга эмне жетсин,
Бактылуу, ынтымактуу күндөр өтсүн.
Үлгүлүү ата-энеден тарбия алып,
Небере чөбүрөлөр жакшы өссүн.

Секелек кечээ эле кыздар элек,
Оозунан эне сүтү кете элек.
Өткөнүн убакыттын карасаңар,
Жетелеп неберени бүгүн калдык.

Ыр менен көп ойлорду айткым келет,
Аларга билбеймин мен жетишемби?
Маанилүү балдарыма акыл айтып,
Жашоонун түйүндөрүн чечишемби?

*15.02.2020-жыл.*





## КЫШЫНДА

Эшикте кар жаап жатса апапакай,
Ойногум келип кетти жаш баладай.
Убакыт ушунчалык тез өтөбү?
Турсачы бир аз күтүп ай аттиң ай.

Ээрчитип неберемди сыртка чыксам,
Балдардын чурулдаган үнүн угам.
Чана тээп каткырышып ойноп жүргөн,
Күндөрдү эстеп алып улутунам.

Билемин балалыгым кайрылбайсың,
Бирок да бир келсе деп самай берем.
Көчөдөн көрүнчүдөй курбуларым,
Артыма кылчак-кылчак карай берем.

Ушунча балалыкка баргым келип,
Ойлордун жетеленем жетегине.
Сезимге удургуган суу сепкендей,
Селт этип кала берем этегинде.

Аттиң ай неге көп-көп ойнободук,
Жаш чакта неге сууну бойлободук.
Алтындай бирге өскөн курбуларым,
Тойлорду неге бирге тойлободук.

Тез-тезден кеч болсо да жолугалы,
Убакыт такыр өтүп кеткичекти.
Жолугуп сыр чечишип олтуралы,
Карылык бизди кууп жеткичекти.

*18.02.2020-жыл.*

## КАЙНЕНЕМЕ

Аллахымдан бейиш бер деп апама,
Алаканды кенен жайып сурайлы,
Ар күн сайын куран окуп туралы,
Кабыл кылчу жалгыз гана кудайым.

Тогуз жылдай болду бизден кеткенге,
Жалган эмес, чын дүйнөгө жеткенге.
Не кылабыз кайгырбаска арга жок,
Насип кылсын сизге дуа эткенди.

Сагынабыз апа сиздин өзүңүздү,
Бизге айткан акыл насаат сөзүңүздү.
Балдарым деп баса калып баарыбызды,
Жоодураган капкара көзүңүздү.

Чынында апам болчу Баатыр эне,
Балдарынан неберге жакын эле.
Жүрө турбай төрүбүздө сый көрүп,
Жаратканым мезгилсиз алды неге.

Куран окуп дайыма апабызга,
Кудайга үнүбүздү жеткирели.
Куран гана керек дейт тигил жакта,
Апабызды бат-баттан эскерели.

*13.04.2020-жыл.*





## ЭГИЗ КАЙЫН СИҢДИЛЕРГЕ

Мундуз, Кундуз экөөңөрдү эгиз дейбиз,
Эгиздердин тамыры сегиз дейбиз.
Бирин-бири колдошуп чогуу жүрсө,
Телегейи алардын тегиз дейбиз.

Ээрчишип элүүгө чыктыңарбы?
Элүү жаш деген ырды уктуңарбы?
Мен келгенде керилген кыздар эле,
Эми минтип кемпир чайын жуттуңарбы?

Элүү жаш келсе мейли келе берсин,
Силерге ырыскысын бере берсин.
Элүү жашты мен күзгө теңеп коём,
Берекелүү түшүмүн бере берсин.

Мейли анда элүү жаш куттуу болсун,
Бүгүнкү гүлдестелер жыттуу болсун.
Чоң гүл чамбар бербесем да силерге,
Ушул ырым болсун анда гүл десте.

*14.04.2020-жыл.*

## БИЗДИН МАЙРАМ

Эртең болот Октябрдын майрамы,
Элибизге алып келген сайранды.
Айткым келет баян кылып балдарга,
Эркиндикти алып келген майрамды.

Ата-бабам жашап өткөн аныкты,
Эстей жүргөн жакшы болот тарыхты.
Жактырбаган айткым келди жаштарга,
Басып өткөн жолдорубуз аныкпы?

Ооба ушул жолду басып келгенбиз,
Союз үчүн жаныбызды бергенбиз.
Караңгыдан жарыктыкты көрсөткөн,
Октябрды майрам кылып келгенбиз.

Пионердин атасы деп партия,
Пионердин агасы деп комсомол.
Ураан кылып, кызыл жагоо тагынып,
Сыймык менен пионербиз дегенбиз.

Патриоттук сезим жашап жүрөктө,
Улуу Ленин, партия деп келгенбиз.
Тана албайм биздин баскан жол ушул,
Ушул күнгө дал ушинтип жеткенбиз.

Ооба чындык унутпайлы өткөндү,
Буга күбө орто жаштар, карылар.
Эч кейибейм өткөн ошол өмүргө,
СССРде жашап келдик баарынар.





Азыр деле каламын мен сүйүнүп,
Союз тарап калсак деле түңүлүп.
Биздин тарых болгон тура ушундай,
Деп окурман окуп койгун үңүлүп.

Желек менен шаар көтөрүп колдорго,
Эртең деле майрамдайлы сүйүнүп.

*06.11.2024-жыл.*

## КҮЗ

Мына бүгүн күз да келип олтурат,
Көңүлүмдү кубанычка толтурат.
Окуучулар колдоруна гүл алып,
Мектебине бара жатат топурап.

Эстеп кеттим азыр мен да өзүмдү,
Мектебиме бара жаткан кезимди.
Бирге жүргөн курбуларды сагынуу,
Айта албайм ошондогу сезимди.

Менин дагы өмүрүмө күз келди,
Берекелүү күндөр мына бүт келди.
Арт жагымды бир кылчайып карасам,
Жөжүрөгөн неберелер күч берди.

Күлүңдөгөн күзүм сонун мезгил да,
Биздин күндөр күз айларга окшошот.
Күзүндө жер кайтарат эл мээнетин,
Бизге болсо бере берсин дөөлөтүн.

*01.09.2019-жыл.*

## А ЖАШОО ӨТҮП ЖАТАТ НУГУ МЕНЕН

Кечээ мен бир сөз уктум неберемен,
«Апаке атам качан келет» – деген.
Суроосуна жооп таппай чебеленем,
А жашоо өтүп жатат нугу менен.
Бул суроо өзөгүмдү өрттөп кетти,
Эмнеге сен мезгилсиз кеттиң экен.

Ичимде суроо турса эзип жеген,
Сыртта жамгыр төгүп жатат нөшөрлөгөн.
Тагдырыбыз экөөбүздүн тайкы белем,
Жооп таппай өзүмчө чебеленем.
Экөөбүз эки жакта калган менен,
А жашоо өтүп жатат нугу менен.

Чыгалбай бугум турса ичимдеги,
Көзүмдөн жаш куюлат мөлтүрөгөн.
Бирөөлөр сен күчтүүсүң деген менен,
Токтобой сезимдерге жетеленем.
Бөлүнүп санаам санга тебеленем,
А жашоо өтүп жатат нугу менен.

Түнүндө уктай албай эзилемин,
Өзүмө өтө алсыз сезилемин.
Аргасыз тагдырыма башты ийип,
Кудайдан сабыр бер деп тиленемин.
Бирөөдө ый, бирөөдө тойлор болуп,
Жашоолор өтөөрүнө сүйүнөмүн.

*10.11.2019-жыл.*





## АРМАНЫМ

Арманым толуп кетти,
Жан дүйнөм ооруп кетти.
Жайнаган жаздай элем,
Кыш болуп тоңуп кетти.

Жүрөгүм сыздап барат,
Бүт денем муздап барат.
Даректай суу жетпеген,
Тамырым кургап барат.

Ыйымды токтото албай,
Көзүмдөн жаш куюлат.
Өмүрүм өткүчөктү,
Өтпөстөй бул туюлат.

Көңүлүм чөгүп барат,
Өмүрүм өтүп барат.
Өзүмдү кармай албай,
Жан дүйнөм соолуп барат.

Кимге айтам арманымды,
Өзүмчө кыйналамын.
Жараткан жардам бер деп,
Өзүңдөн суранамын.
Дарманым калбай барат,
Кантип мен жыйналамын.

*01.11.2019-жыл.*

## ЖОЛДОШУМА

Алышкан менен болбоду,
Аңдыган ажал койбоду.
Кармашкан менен болбоду,
Жабышкан ажал койбоду.

Эл ичинен издээрмин,
Эмгегиңди билээрмин.
Караанынды издээрмин,
Кадырыңды билээрмин.

Айткан бардык сөздөрүң,
Болор мага аманат.
Бирге жашап картайуу,
Арман болду атаганат.

Атакелеп артыңда,
Балдарың турду боздошуп,
Тууган урук досторуң,
Баары калды жоктошуп.

Кудайдан эми тиленип,
Бейиштен жай сурайын.
Колумдан келсе унутпай,
Куран окуп турайын.

*08.10.2019-жыл.*





## СИҢДИМ ВЕНЕРАГА

Кут болсун өздүк майрамың,
Куттуктап ырым арнайын.
Арабызда жаркылдап,
Аман жүрчү ар дайым.

* * *

Бир атадан, бир энеден төрөлдүк,
Баарыбыз тең бир бешикке бөлөндүк.
Бир эненин курсагында чоңоюп,
Бир короодо өстүк-өндүк, көгөрдүк.

Азыр болсо ар кимибиз ар жакта,
Турмуш жолдо баратабыз ар тарапта.
Тагдырыбыз ар башка болгон менен,
Жүрөгүбүз согуп турат бир тарапка.

Кечээ эле кичинекей кыз элең,
Бүгүн минттиң кырктан аштың сен дагы.
Сыйлашалы жаралган бир өмүрдө,
Канча калды белгисиз го ал жагы.

*27.04.2020-жыл.*

## КҮЙӨӨ БАЛАМ КАНАТКА

Куттуу болсун бүгүнкү туулган күнүң,
Ден-соолукта дайыма аман жүргүн.
Өмүр деген адамга бир берилет,
Өкүнбөстөй жалганда өмүр сүргүн.

Жакшы көрөм силерди кызым-балам,
Эч нерседен кем кылбасын Алла талам.
Бала күтүп, кыздардын сыйын көрүп,
Бир болгула мен ошону тилек кылам.

Сыйлагыла ата-энени сени тапкан,
Алдейлеп ак сүт берип сени баккан.
Балдарга баш көз болуп жүрүшсүн деп,
Аманат айтып кеткен кайын атаң.

Кыргыздардан казактарга салам айтам,
Өздүк майрам кут болсун күйөө балам.
Азырынча ушинтип куттуктайын,
Жол ачылса буюрса барып калам.

*20.04.2020–жыл.*





## ИНИМ МИРТЕМИРГЕ

Куттуктаймын сенин туулган күнүңдү,
Ушул күнү аалам уккан үнүңдү.
Жакын барып бербесем да чоң белек,
Берейинчи ырдан терген гүлүмдү.

Кудайым берсин сага узун өмүр,
Ар дайым каалайм сага ачык көңүл.
Үй-бүлөңдө жакшылыктар көп болуп,
Колдоп турсун силерди улуу теңир.

Куттуу болсун ушул күн сен туулган,
Ушундайда керек экен бир тууган.
Куттук айтып көңүлүңдү көтөрүп,
Чын жүрөктөн арнап сага гүл сунган.

Бир туугандар менин канат бутактарым,
Жакшы көрөм баарыңарды кубаттарым.
Жакшылык, жамандыкта караан болгон,
Ата-энем калтырган мурастарым.

*13.05.2020-жыл.*

## ИНИМ МИРБОЛОТКО

Тамганын терип сулуусун,
Сөздөрдүн тандап жылуусун.
Ыр жазгым келди сага арнап,
Ойлордун талдап нурлуусун.

Удаа болуп экөөбүз,
Бирге өстүк чоң уйдө.
Балалыкта өткөргөн,
Бактылуу күндөр көңүлдө.

Караан тутуп силерди,
Биз төркүнгө баралы.
Сыйыңды көрүп сырдашып,
Сагынычты жазалы.

Мээнеткечсиң, тынбайсың,
Жаман сөзгө сынбайсың.
Жээндериң келгенде,
Ээрчитип жыттап жыргайсың.

Быйыл сөзсүз келин ал,
Келиниң келсин ыймандуу.
Батаңды берип төрдө отур,
Балдарың болсун бактылуу.

Алганың менен тең кары,
Карыганда бир жүргөнгө.
Мээнетиң менен өстүргөн,
Балдардын сыйын көргөнгө.





Элестер калды бактылуу,
Экөөбүз түшкөн сүрөттө.
Сактап кой илип жоготпо,
Эстейли көргөн мүнөттө.

Картайып бара жатканда,
Баарыбызга сый керек.
Ушул жазган ырларым,
Болсун сага ыр белек.

*01.05.2020-жыл.*

## КУСАЛЫК

Ары-бери калчап мени кусалык,
Көөдөнүмө батпай барат ызалык.
Кусалыктын азабынын айынан,
Буттарым да баспай калат тушалып.

Кусалык ай, кусалык ай, кусалык,
Кыштын күнү таң да атпайт узарып.
Ыйлап жатып жаздыгымды кучактап,
Эртең менен көзүм калат кызарып.

Соо жанымды оору кылдың кусалык,
Күндөн-күнгө соолуп барам кубарып.
Кусалыкты эч адамга каалабайм,
Жашаш берсин кубарбастан кубанып.

Кусалыкты жаза берсем түгөнбөйт,
Ырларым да кете берет узарып.
Ичтегимди жазып салсам кагазга,
Дене боюм калгансыды жумшарып.

*23.12.2020-жыл.*

## ӨЗГӨРҮП КАЛДЫМ

Өзүң бардай жүрө албай калдым,
Өзгөлөрдөй күлө албай калдым.
Өрттөнүп жаным от болуп күйүп,
Өзүмдөй болбой өзгөрүп калдым.

Эл барган жерге баралбай калдым,
Баштагымдай жана албай калдым.
Туңгуюк каптап турмуш жолумду,
Өзүмдү издеп таба албай калдым.

Ак менен кара бир жүрөт экен,
Ажыратып көрө албай калдым.
Кимиси таза, кимиси бузук,
Адамдарды бөлө албай калдым.

Басайын десем бутум тушалып,
Мурдакыдай тың басалбай калдым.
Кубаттап турар эми өзүң жок,
Катырып ырды жазалбай калдым.

Жанымда жандап басаар өзүң жок,
Жолумду сага кошо албай калдым.
Алдымдан соккон ызгаар шамалды,
Турушттук берип тосо албай калдым.

*05.11.2020-жыл.*





## ЫСЫК-КӨЛГӨ КАЙРЫЛУУ

Ысык-Көлгө дагы келдим насип экен,
Кудайга шүгүр кылам насип эткен.
Таазим кылам жана да тилек кылам,
Дагы далай көрүүнү буйруса экен.

Ысык-Көлүм кыргыздын кереметi,
Суктанамын өзүңдү карап туруп.
Көпкөк болуп жатасың уч кыйры жок,
Кантип сага келбеймин көңүл буруп.

Кулагыма көл толкуну шыбырап,
Не бир сонун музыкадай туюлат.
Шарп деп келип жээкке бир урунуп,
Кайра артка кетип барып суюлат.

Ысык-Көлүм өзүңдү сагынамын,
Буюрса далай жолу кайрыламын,
Ажал келип өмүрдөн өтүп кетсем,
Өзүңдөн түбөлүккө айрыламын.

Ага чейин өзүңө келе берем,
Жолугуп сүйлөшөмүн өзүң менен.
Сырым айтып кагазга ырым жазып,
Үндөшүп толкунуңдун үнү менен.

*01.03.2021-жыл.*

## АЙКӨЛ НЕБЕРЕМ

Айкөл кызым алтын кыз,
Апасына жакын кыз,
Айкөл кызым алтын куш,
Алып жүрөт өзүн түз.

“5”ке толдуң сен бүгүн,
Шүгүр деймин кудайга.
Акылдуу кыз неберем,
Тобоо деймин мындайда.
Жаратканга ырахмат,
Жазып койгон маңдайга.

Тилегиңди берсин деп,
Мен кудайдан сурайын.
Эки дүйнө бактылуу,
Болсоң экен ылайым.

*23.02.2021-жыл.*





## ИБРАХИМ

Ибрахим жан неберем,
Өзүңдөн тегеренем.
“2”ге толдуң бүгүн,
Өмүрлүү болсоң экен.

Өзүңдү жакшы көрөм,
Өзгөчө кыялдарың.
Томпоңдоп ойноп жүрсөң,
Сезимим тыя албаймын.

Өзүмчө эзилемин,
Өмүрлүү болсо экен деп.
Бактылуу бала болуп,
Көңүлгө толсо экен деп.

Ата-энең, бир тууганың,
Жаныңда болсо экен.
Бакыттын кушу келип,
Башыңа консо экен.

*12.03.2021-жыл.*

## БАЛАМА

Алтын балам бүгүн сенин өздүк күнүң,
Көз ачып жарыктыкты көргөн күнүң.
Бүгүн да эстеп турам ошол күндү,
Ыңаалап сен ыйлаган ошол үнүн.

Жаратканга жалынам балам үчүн,
Жаш кезимде арнадым алым, күчүм.
Өзүң эми үч балалуу болсоң дагы,
Сен мага балдарымдын кичүүсүсүң.
Башкага билбейм кандай сезилесиң,
А мага көкүрөк күчүгүмсүң.

Калаарым сен бактылуу болсоң экен,
Балдарыңды ордуна койсоң экен.
Каалаган ой максатың орундалып,
Менин эмес, элдин уулу болсоң экен.

Кудайым жамандыгын кечтен берип,
Жашайын балдарымдын сыйын көрүп.
Жакшылык күндөрүндө төрлөрүндө,
Неберемди жыттайын мээрим төгүп.

Менин бактым силердин бактыңарда,
Жаратканга жалынам мен дайыма.
Жамандыгын көрсөтпөй балдарымдын,
Кетсем болду силердин алдыңарда.

*01.04.2021-жыл.*





## АЛТЫН АПАМ

Апакем бүгүн тирүү болгонуңда,
75 жашка бүгүн толот элең.
Кучак толо гүл көтөрүп барып сизге,
Бир күн кечке жаныңызда болот элем.

Алтыным өзүңүздү күнгө теңейм,
Бажырайып ачылган гүлгө теңейм.
Жылдызы жаркырап тийип турган,
Жайындагы эң ачык түнгө теңейм.

Алтын апам эгер тирүү болгонуңда,
Кучактап бир моокумдан канат элем.
Жытыңды жыттап, жыттап алыш үчүн,
Карантин болсо дагы барат элем.

Билемин апа сизге жетпесимди,
Бул менин жазып жаткан кыялдарым.
Өзүңдү эстеп өзүмө сыя албадым,
Көздөн аккан жашымды тыя албадым.

Аллахым мээримине алса экен,
Бейишинин төрүнөн орун берип.
Окуган курандарды кабыл кылып,
Апамдын жаткан жерин жайлуу кылып.

*22.10.2020-жыл.*

## ЖОЛДОШУМА

Элүү алты жашка бүгүн толот элең,
Өзүңө куттуктоолор болот эле.
Үйүбүзгө коноктор келет эле,
Каалоо айтып куттуктап кетет эле.

Балдардын урмат-сыйын көрөт элең,
Келиндердин дасторкону толот эле.
Неберелер өзүңдү куттукташып,
Туулган күн ойдогудай болот эле.

А бүгүн куран окуп олтурабыз,
Көздөрдү мончок жашка толтурабыз.
Жаннаттан жайын бер деп атабызга,
Дуба кылып суранып олтурабыз.

Кош эми кеттиң эле келбес жакка,
Балдарга акыл, кеңеш бербес жакка.
Күнөөлөрүң кудайым өзү кечип,
Жүрсөң болду эми бизге бейиш жакта.

*10.01.2021-жыл.*





## КУТМАН КУРАК

Бир кезде сулуу элек, түстүү элек,
Керилген ай чырайлуу жүздүү элек.
Бажырайып ачылган гүлгө окшоп,
Бакырайган капкара көздүү элек.

Жаш кезде жалындаган күчтүү элек,
Жумушту бир заматта бүтчү элек.
Ишке, ашка, оюнга эч канбастан,
Жаркылдап, жайнап коюп жүрчү элек.

А азыр түс да кетти, күч да кетти.
Жаштык кез кылчайбастан өтүп кетти.
Күн өтүп, айлар өтүп, жылдар өтүп,
Улгайган ушул кезге келип жетти.

Ушинтип кутман курак келип жетти,
Баарыбыз каада күтүп төргө өттүк.
Мейличи кейибейли карыдык деп,
Бул күнгө жетпей канча жандар кетти.

Азыр мен жаштыгымды сагынамын,
Айлам жок карылыкка багынамын.
Жашоонун мыйзамынан чыга албайбыз,
Ушул күн куттуу болсун карыларым.

*05.05.2021-жыл.*

## КАЙЫН АТАМА

Ата бүгүн 85ке толдуңуз,
Ак сакалдуу карылардан болдуңуз.
Бактылуулук болсо болоор ушундай,
Бизге сабак сиздин баскан жолуңуз.

Он бир бала тарбиялап өстүрүп,
Бардыгын тең жай-жайына койдуңуз.
Апам менен жарым кылым бир жашап,
Ачуу-таттуу күндө бирге болдуңуз.

Тукумуңуз 100дон ашып бүгүн сиз,
Эң бактылуу аталардан болдуңуз.
Суранабыз сизден бүгүн баарыбыз,
Белди бууп 100гө чыгып коюңуз.

Мен кудайга ыраазымын миң ирет,
Сиздей адам кайын атам болгонго.
Жакшы көрөм жана сизди сыйламак,
Сонун болмок Эркин тирүү болгондо.

Балдар турат сыйыбызды көрүңүз,
Ден-соолукта аман-эсен жүрүңүз.
Тирүүлүктүн туу чокусу ушулдур,
Сиз бар үчүн көрктүү биздин төрүбүз.

*01.06.2021-жыл.*





## КЫЗЫМ ЖАНАРАГА

Туулган күнүң кут болсун жаным кызым,
Таянаарым, бутагым айым кызым.
Сени берген кудайга ыраазымын,
Сырдашаарым, сыйлашаарым алтын кызым.

Куттуу болсун бүгүнкү өздүк майрам,
Чың ден-соолук, узун өмүр сага каалайм.
Кайда жүрсөң аман жүр кагылайын,
Ушул ырды белекке сага арнайм.

Каалаган тилегиң орундалып,
Эки дүйнө бактылуу болсоң экен.
Кыздарыңдын багына аман болуп,
Жашагыла бактылуу Канат экөөң.

Бар байлыгым балдарым силерсиңер,
Ар убакта жүрөгүмдө жүрөсүңөр.
Жаратканга жалынам сактай көр деп,
Бар болсоңор баарына жетесиңер.

Өздүк майрам жакшы өтсүн жаным кызым,
Жайдары мүнөз Жанарым алтын кызым.
Жашооңордо жакшы күндөр көп болсунчу,
Жаратканым бир өзүңдү колдосунчу.

*09.06.2021-жыл.*

## КЫЗ УЗАТУУДА

Бүгүн турам кыз узатуу той берип,
Сыйыбызды кудаларым көр келип.
Эң жакшы кудалардан болсок экен,
Кудайым тилегимди койсун берип.

Алтын кызым сен бактылуу болсоң экен,
Башыңарга бакыт кушу консо экен.
Барган жерге сен ыймандуу келин болуп,
Күйөө балам мага бала болсо экен.

Эки балам эң бактылуу болушсун,
Бала күтүп үйлөрүнө толушсун.
Бүгүн келген коноктордун баарысы,
Балдарыма бата берип коюшсун.

*26.06.2021-жыл.*







## КЕЛИН КЕЛДИ

Бүгүн бизге кубанычтуу күн келип,
Кайним жатат балдарына той берип.
Эки бала эң бактылуу болушсун,
Келген элдер бата берип коюшсун.

Абысыным жетине албай сүйүнүп,
Тасмал жайып конок тосот жүгүрүп.
Куттуу болсун бүгүн берген тоюңар,
Кайын ата, кайын эне болдуңар.

Кудаларың болсун кайним миң жылдык,
Күйөө бала болуп бизге жүз жылдык.
Ата-эненин тилегени ак болот,
Бата алган уул-келинге бак конот.

Келиниңер болсун деймин ак жолтой,
Көп небере төрөй берсин эч коркпой.
Келген элге каалап кетем ден-соолук,
Ар бир үйдө кайталансын ушул той.

*28.06.2021-жыл.*



## ТАБЫШМАК

Катар басып жүргөн кезде арыштап,
Кеттиң эле неге менден алыстап.
Кайра келип сен жылмайып турганың,
Болуп жатат азыр мага табышмак.

Жакшылыкты бирибизге багыштап,
Жакшы болмок жакын бойдон калышсак.
Жаман айтып көңүлдөрдү оорутпай,
Жүргөн жакшы аралыкта алыстап.

Ойлоп көрсөм ошол күнду калыстап,
Кеттиң эле мени кимге табыштап.
Ошондогу кылган кызык мамилең,
Кала берген болуп мага табышмак.

Жакшылыкты бирибизге багыштап,
Жакшы болмок жакын бойдон калышсак.

*08.11.2024-жыл.*





## СЕН КИМСИҢ

Сен кимсиң, мени жолдон буруп турган,
Жолумду бара жаткан унут кылган.
Бүркөлтүп ачык турган асманымды,
Төктүрүп көз жашымды буулуктурган.

Байкатпай салып коюп тузагыңды,
Ийдирип жүрөгүмдү багындырган.
Каратып кыйыгынан көздөрүңдү,
Капкара карегиңе чагылдырган.

Сен кимсиң, бир өзүңө табындырган,
Эңсетип узун түндө сагындарган.
Туйлатып жүрөгүмө тынчтык бербей,
Жандатып жаш кезимдей жагындырган.

*08.11.2024-жыл.*



## КЕЛЧИ КУРБУМ

Келчи курбум бир жолугуп кайталык,
Бул күндөрдү эч ким бербес кайтарып.
Кереги жок жылуу сөздөн башканын,
Балалыкты бир эскерип алалык.

Келчи курбум жолугушуп баарыбыз,
Черди жазып бир моокумдан каналы.
Мезгил чиркин өтөт экен билинбей,
Жаштык кездей бир жолугуп алалы.

Таңдар атып кайра эле кеч кирип,
Ансыз деле баратабыз эскирип.
Көбөйтөлү жакшы күндү жашоого,
Калгычакты өмүрлөргө кеч кирип.

Келчи курбум жолугуудан качпайлы,
Бул күн келбейт ыйласак да эскерип.
Сагынышып өткөрүлгөн ушул күн,
Болсун биздин жүрөктөргө эстелик.

*22.06.2021-жыл.*





## КУРДАШТАРЫМА

Карылыктын кадырын билеличи,
Жараткандан жакшылык тилейличи.
Канча жашоо буюрса көрөлүчү,
Кадырлашып сыйлашып өтөлүчү.

Карылыктын баркына жетеличи,
Балабызга бата берип кетеличи.
Каадаланып карыгым келбейт дебей,
Карылыктын кадырын сезеличи.

Неберени жетелеп жүрөлүчү,
Неберге кошулуп күлөлүчү.
Канча жашты берсе да бир кудайым,
Шүгүр кылып баарына көнөлүчү.

Ар бир аткан таңдын баркын сезеличи,
Жакшы жашап жакшы өмүр кезеличи.
Туура жүрүп, туура сүйлөп жакындарга,
Кадырлуу кары болуп өтөлүчү.

*07.09.2021-жыл.*

## КЛАССТАШ КУРБУЛАРЫМ

Курбуларым кандай сонун жансыңар,
Жүрөгүмдө силер дайым барсыңар.
Азыр апа, азыр баарың чоң эне,
Үй-бүлөдө жанып турган шамсыңар.

Биздин кыздар өзгөчө бир керемет,
Мындай жандар бул жашоого бир келет.
Бирге жүргөн күндөрүмдү мен эстеп,
Шүгүр кылам жаратканга миң ирет.

Бармактайдан бирге окуп бир жүрүп,
Башыбыздан сонун күндөр өткөрдүк.
Ыраазымын мектебиме силерге
Турасыңар дайым мага күч берип.

Бар болгула бирге жүргөн сулуулар,
Ушул күндө улгайыңкы улуулар.
Мен силерди жакшы көрөм, сыйлаймын,
Жаз жыттанган бала кыял курбулар.

*07.09.2021-жыл.*





## ӨМҮР ЖАНА МЕЗГИЛ

Салыштырып өмүр менен мезгилди,
Мен жашоону төрт мезгилге бөлөмүн.
Окшоштугун көрүп туруп экөөнүн,
Өмүрдү мен дал ушундай көрөмүн.

Бажырайып баары сонун ачылган,
Балалыкты жаз мезгил деп билемин.
Балалыкка эч бир нерсе тең келбейт,
Ошондуктан мактап ырдап келемин.

Жаштык кезди жай мезгил деп сезесиң,
Жаш кезиңде сүйүү көлүн сүзөсүң.
Кайгы менен карылыктан кабар жок,
Жытың аңкып гүлдөй болуп өтөсүң.

Түшүмдөрү бышып турган төгүлүп,
Улгайган кез күз мезгилге туш келет.
Бала-чака турса бизди сүйүнтүп,
Бир башкача бактылуулук сезилет.

Карылыкты кыш мезгилге окшотом,
Жакшы күндөр кышында да көп болот.
Абай басып адамдар да кышында,
Акыл айтып калган күндөр көп болот.

*08.10.2021-жыл.*

## ЫНАК УУЛУМА

Ынагым бүгүн сенин туулган күнүң,
Ыңаалап жарыктыкка келген күнүң.
Куттуктаймын ырымды арнап сага,
Болсун менин арнаган сага гүлүм.

Сага деп ушул ырды арнап келем,
Ырга кошуп жылуулук сага берем.
Сенден күткөн жашоодо үмүтүм чоң,
Аманат ата ордун басат деген.

Өткөн күндөр өттү кетти өткөрөлү,
Жакшыны жаманынан көп көрөлү.
Туура эмес жашоодон алыс болуп,
Туура жашап өтүүнү үйрөнөлү.

Бүгүн сенин жаныңда болбосом да,
Жүрөктөгү жылуулук сени менен,
Жакшы өтсүн бүгүнкү өздук күнүң,
Алтын балам мен сени жакшы көрөм.

Балдарым силерсиңер тийген күнүм,
Сүйлөгөндө силерсиңер чыккан үнүм,
Жашоодо туура жашап, түз жүрсөңөр,
Сеземин акталды деп чоң үмүтүм.

Бактылуулук эки дүйнө сага тилейм,
Кыялың мага окшоп аны билем.
Балдарың, жарың менен аман болгун,
Күлсөңөр силер менен мен да күлөм.

*14.10.2021-жыл.*





## АПАМА

Айым, күнүм, алтыным жаным апам,
Сиз менин сөзүм жеткис татынамсыз.
Ичээр суум түгөнүп калгычакты,
Жаза берээр бүтпөгөн казынамсыз.

Апакем эгер тирүү болгонуңда,
Өздүк майрам бүгүн сизде болот эле.
Бапырап куттукташып баары сизди,
Гүлдөргө кучагыңыз толот эле.

Бүгүнкү күн туш келиптир жумага,
Балдарыңыз бейиштен жай сурашат.
Куран окуп чогулушкан балдарың,
Күлүп түшкөн сүрөтүңдү карашат.

Жүргөн жериң апакем бейиш болсун,
Жегениңиз бейиштеги жемиш болсун.
Сизге арнап куран окуп, дуба кылган,
Балдарыңдын телегейи тегиз болсун.

*22.10.2021-жыл.*

## ТАГДЫРЫМА КӨНГӨНСҮЙМ

Аттиң арман баштагыдай жүрсөк эмне,
Жакшы күндө жарашып күлсөк эмне.
Уул-кыздын сыйларын бирге көрүп,
Улгайганча урмат-сыйда жүрсөк эмне.

Элүү жети жашка келип азыр сен,
Эр ортону элүүдө болот элең.
Эрте кетпей аярлап турганыңда,
Балдарыңдын төрүндө жүрөт элең.

Келчүдөй сени күтүп жүргөнсүймүн,
Калп эле элге карап күлгөнсүймүн.
Сыртымдан сыр алдырбай жүргөн менен,
Ичимде жалын каптап күйгөнсүймүн.

Түшүмдө сени дайым көргөнсүймүн,
Дагы эле бирге жашап жүргөнсүймүн.
Өңүмдө аттиң арман өзүң жоксуң,
аргасыз тагдырыма көнгөнсүймүн.

*10.01.2022-жыл.*







## КАЙРЫЛУУ

Адамзат жер жүзүнө жаралганбыз,
Ар улут ар кай жакка таралганбыз.
Тагдырдын түркүн түстүү тамашасын,
Ар тараптан көрүүгө каралганбыз.

Бактылуулар жашоодо кезигишет,
Бактылары бүтпөстөй сезилишет.
Жашоонун жалгандыгын билгендери,
Жаңылса бирин-бири кечиришет.

Кээлери эстен кетип эсиришет,
Түркүгүндөй дүйнөнүн сезилишет.
Күнөөсү жок адамдар болбос чыгар,
Кээлери өтөката кетиришет.

Билемин мен да ката кетиргенмин,
Жаңылганым сезгенде эзилгенмин.
Кудайым күнөөлөрүм кечирсе экен,
Мен дагы көп адамды кечиргенмин.

Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт,
Жашоонун туура жолун көрсөк экен.
Жакшылардын жанында жүрсөк экен,
Жакындарды кейитпей сүйсөк экен.

*19.01.2022-жыл.*

## ТАМАРАГА

Тамара курбум кандайсың,
Жадырап күндөй жайнайсың.
Ачылган гүлдөй буркурап,
Жаркырап тийген айдайсың.

Алтымыш жашың кут болсун,
Каалаганың бүт болсун.
Жакшы күнүң көп болуп,
Башыңа бакыт кут консун.

Арнаймын сага ырымды,
Айтамын дайым чынымды.
Гүл ордуна сунайын,
Ушул жазган ырымды.

Эки дүйнө бактылуу,
Кылсын сени кудайым.
Карылыкта жакшы күн,
Көрө бергин ылайым.

*2024-жыл. БИШКЕК.ш.*





## ОРОЗГҮЛГӨ

Орозгүл сен адамдан башкачасың,
Жашоодо бир өзгөчө жаралгансың.
Адамдардын ар бирине маани берип
Туруш үчүн жаралып калган жансың.

Патриот сезим менен келесиң да,
Элиңе жүрөгүңдү бересиң да.
Дос-тууган, элиң-жериң баары үчүн,
Керек болсо жаныңды да бересиң да.

Эх курбум! жаркылдаган немесиң да,
Жамандыкты жаркылдап жеңесиң да.
Жакшынакай адамдык сапат менен,
Жүрөгүмдө сен жашап келесиң да.

Айта берсе түгөнбөйт сапатыңды,
Жаза бергин токтобой сен ырыңды.
Кабыл алып коюшуңду суранам,
Гүл ордуна ушул жазган ырымды.

*25.01.2024-жыл.*

## ГҮЛАЙША

Өздүк майрам куттуу болсун Гүлайша,
Жаркырай бер көктө тийген Күн, Айча.
Өмүрүмдө жолуктурган өзүңө,
Ыраазымын миң мертебе кудайга.

Каалаганым узун болсун өмүрүң,
Эч чөкпөсүн гүлдөй назик көңүлүң.
Балдарыңдын сыйын көрүп балпайып,
Бал татыган күндөрүн көр өмүрдүн.

Бүгүн келген кутман жашың кут болсун,
Жакшы күнүң ушул келген жуп болсун.
Бирге жүрүп ыр ырдашып сыйлашчу,
Күндөрүбүз алды жакта көп болсун.

*2024-жыл. БИШКЕК ш.*





## МАТЕМАТИКАЛЫК ЫР

Мейкиндик ээлеген чексиз ааламга,
Кошулуп мага кете аласыңбы?
Параллель чыгып белгисиз жактарга,
Тамырдын сырын чече аласыңбы?

Маселе жообун таба аласыңбы?
Туюнтма жообун да чыгарасыңбы?
Айланаңыз болуп берсем мен сизге,
Тегерек болуп бере аласыңбы?

Өзүбүз үчүн да аянтты ээлеп,
Тегиздик болуп биз бөлүнөлүбү?
Окшош сандай дайым барабар болгон,
Кашаа ичи бирге көрүнөлүбү?

Суммалоо үчүн же кошулалыбы?
Шоола болуп бирге созулалыбы?
Теңдемеде бөлүүнү да иштетип,
Биргелешип анда көбөйтөлүбү ?

*10.05.2024-жыл.*

## ЭНЕЛЕРДИН ТИЛЕГИ

Энелер каалайт тынчтыкты,
Дүйнөдө согуш болбосун.
Уйкусун бузуп элдердин,
Ыйлаткан жандар оңбосун.
Согушту каалайт кай эне,
Болбосун согуш болбосун.

Эч нерсе көрбөй жашоодон,
Көз жумган жандар болбосун.
Ачылбай өмүр бир гүлү,
Соолуган балдар болбосун.
Солкулдап турган жигитти,
Соолуткан согуш оңбосун.

Алаамат согуш апаатты,
Баштаган жандар оңбосун.
Баласын жоктоп буркурап,
Ыйлаган эне болбосун.
Артында калбай туягы,
Атылган инсан болбосун.

Наристе жанда не айып,
Жаңыдан келген дүйнөгө.
Эмчек сүткө тоёо элек,
Жетише элек күлгөнгө.
Күнөөсү анын эмнеде,
Төрөлбөй жатып өлгөндөй.
Жашоонун даамын сезбестен,
Өчөт го  байкуш көктөбөй.





Карыяларда не күнөө,
Согуш тагы кете элек.
Жаш кезде алар от кечкен,
Жараттары кете элек.
Жараланган жүрөктүн,
Оорусу да кете элек.

Согушту эңсейт кай эне,
Болбосун согуш болбосун.
Согушуп жаткан жерлерде,
Орносун тынчтык орносун.
Тынчтыкты сүйгөн энени,
Кудайым өзү колдосун.

*02.04.2022-жыл.*



## ДОСУМ

Балалык деген керемет досум,
Балалык сага бир келет досум.
Балалык күндү бактылуу өткөр,
Балалык өтсө ким берет досум.

Жаштык бир деген керемет досум,
Жаштыгың деле бир келет досум.
Жаштыгың барда жаркырап жаша,
Жаштыгың өтсө ким берет досум.

Карылык дагы керемет досум,
Карылык күнгө ким жетет досум.
Кадырлуу өмүр сүрөлү досум,
Карылык өтсө ким берет досум.

Өмүрдүн өзү керемет досум,
Өмүр деген да бир келет досум.
Өмүрүң барда өкүнбөй жаша,
Өмүрлөр өтсө ким берет досум.

Жашоо дегениң керемет досум,
Жашоону деле бир берет досум.
Жашообуз таттуу чын эле досум,
Жашоодон өтсөк ким эстейт досум.

*17.11.2021-жыл.*





## АЙНУРАГА

Куттуу болсун бүгүнкү кутман жашың,
Кулап турсун дайым өргө ташың.
Кубангын дайыма ойноп-күлүп,
Кут болсун бүгүнкү мүчөл жашың.

Мүчөл жылда жүргүн кызыл кийип,
Муну сен жүрөсүң бир жыл кийип.
Карылыктан кокус кабар болсо,
Жүрөбүз айла жок башты ийип.

Көңүлүң эч качан оорубасын,
Кучакта гүлдөрүң соолубасын.
Эки жыл өткөрүп той бергиле,
Жаркылдап элүүгө толуп жашың.

Сени көрүп апабызды эстейбиз,
Апама сени абдан окшош дейбиз.
Апамдай кадыр-барктуу эне болгун,
Кылган ишин, эмгегиң берип жемиш.

Кармаган орозоң кабыл болсун,
Үйүңө береке ырыс толсун.
Балдардын төрүндө чайын ичип
Таалайың жаныңда дайым болсун!

*24.04.2020-жыл.*

## АЛТЫМЫШ ЖАШ

Ак мээнеттен эмгек жолуң уланып,
Мында келди элдин баары кубанып.
Алтымышка бүгүн чыгып турасың,
Аксакалдык жол талашып суранып.

Аяш менен бирге жүрүп, бир карып,
Балдарыңдын төрүндө жүр кубанып.
Небере сүй сүйгөн жарың экөөңөр,
Жакшы күндөр дайым турсун уланып.

Алтымыш жаш кутман курак кут болсун,
Бешенеге жазган күндөр нур болсун.
Куттуктаймын чын жүрөктөн ыр курап,
Эч карыба, жаштыкка бул сыр болсун

* * *

Алтымыш жаш чек эмес,
Алтымыш сага кеп эмес.
Кудайым берсин күч-кубат,
Аша бер дагы көп белес.





## ЭСКИ АЛЬБОМ

Баарысын эстетесиң эски альбом,
Анткени мен өзүңдү сактап койгом.
Эскерип туруш үчүн өткөн күндү,
Баары жаш, баарысы сулуу бойдон.

Эски альбом бүгүн сени барактадым
Эскерип өткөн күндүн барактарын.
Тээ качанкы бактылуу көз ирмемдер,
Өткөн күндөр жап-жаш курактагым.

Эх чиркин!.. сонун күндөр өткөн экен,
Кылчайбастан артына менден кеткен .
Көрүп алып сүрөттөрдү аттиң!... дедим,
Эң бактылуу мүнөттөр биздер кечкен.

Жүрүшөт өтүп кеткен жакындарым,
Карашат жалдырашып асылдарым.
Суурулуп азыр чыгып келүүчүдөй,
Сүйлөшүп мени менен жаркындарым.

Ата-энем, бир тууганым, алтындарым,
Жүрүшөт туугандарым, кайындарым.
Жаш кезде жолуктурган курбуларым,
Досторум, аяштарым, жакындарым.

Сактапсың сен баарысын ошол бойдон,
Кадырлап мен өзүңдү катып койгом.
Көп жаша, мен өтсөм да эски альбом,
Сактап жүр элесимди ушул бойдон.

Эстешкенде бир күнү көңүл бөлөөр,
Барактап ачып алып баары көрөөр.
Мен өтүп кетсем дагы бул жашоодон,
Сырларын сени менен бөлүшүшөөр.
Сагынган кезде менин элесимди,
Балдарым бир өзүңдөн көрүшүшөөр.

*16.03.2022-жыл.*

## КЫЗЫМА БАРЫП КЕЛДИМ

Кыз күйөөнү көрүп келдим,
Көңүлүмдү бөлүп келдим.
Тай энелеген жээндердин,
Беттеринен өөп келдим.

Кыз-күйөөгө барып келдим,
Барып кабар алып келдим.
Сагындырган сагынычты,
Болушунча жазып келдим.

Казактарга барып келдим,
Кыргыздардан салам бердим .
Кайда жүрсөң аман жүр деп,
Балдарга ак бата бердим.

*11.06.2022-жыл*





## ЭКИ ДОСКО

Аман-эсен барсыңарбы алтындарым,
Жаш кезимде жолуктурган жакындарым.
Кеч болсо да табышып саламдаштык,
Мен силерди издеп жүргөм асылдарым.

Курбуларым аман-эсен жүрдүңөрбү?
Баш кошуп жакшы өмүр сүрдүңөрбү?
Жашоодо уул күтүп, кызды күтүп,
Чекесинен балдардын сүйдүңөрбү?

Жаш кезде жакшы күндөр өткөргөнбүз,
Бактылуу көз ирмемди көп көргөнбүз.
Карылык кайгы менен ишибиз жок,
Бейкапар ойноп-күлүп биз жүргөнбүз.

Бул жалган ылдам эле өтөт тура,
Кечээ эле жүргөнбүз оюн кура.
Кудайым маңдайына эмне жазса,
Адамзат баарысына көнөт тура.

Алтындар жолугушуп туралычы,
Жолуксак жакшы маек куралычы.
Ошол күн бизге насип болгучакты,
Телефондон сүйлөшүп туралычы.

*26.11.2021-жыл.*

## ЭЛ КАТАРЫ ЖАШАЙМЫН

Баары айтат сенде жашоо жыргал деп,
Жан дүйнөңдө толгон токой ырлар деп.
Ооба ыр бар, бирок жашоо бөлөк да,
Анткен менен айтылбаган сырлар бар.

Элдикиндей эле жашоо менде бар,
Бирде күлсөм а бир күнү болом зар.
Кээ күндөрү жайнап гүлдөй ачылсам,
Кээде болот жашоо койну мага тар.

Эл катары мен жашоону өткөрөм,
Жакшысынан кыйын күндү көп көрөм.
Кыйналдым деп даттанганча бирөөгө,
Унчукпастан тынч жүрүүнү эп көрөм.

Шүгүр кылам бергенине кудайдын,
Келгенине карыганда ырлардын.
Сырларымды ак кагазга калтырам,
Тилегеним бүтпөсүнчү ырларым.

*01.11.2024-жыл.*





## КҮЗГҮ ЖАМГЫР – 1

Сыртта жамгыр жаап жатат тыбырап,
Жамгыр көктөн токтобостон куюлат.
Терезеден шоокум үнүн тыңшасам,
Кулагыма жаткансыды шыбырап.

Жамгыр айтат жакшы күндө келем деп,
Элге, жерге жакшылыкты берем деп.
Суусуз өспөйт тирүүлүктө эч нерсе,
Бардыгына тегиздеп суу себем деп.

Ооба, туура жамгыр деген керемет,
Тамчыларын тегиз чачат себелеп.
Жамгыр жууйт бүт жер жүзүн тазалап,
Мага дагы тамчыларың себе кет.

Күзгү жамгыр жаай бергин токтобой,
Тереземди улам-улам черткилеп.
Шыбырыңдан кулагыма угулган,
Сезимдердин мукам күүсү чертилет.

*25.10.2024-жыл.*

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН

Сүйүү деген - ырдабасты ырдатат,
Сүйүү деген - жыргабасты жыргатат.
Сүйүү деген - ыйлабасты ыйлатып,
Сүйүү деген - кыйнабасты кыйнатат.

Сүйүү деген - сүйлөбөстү сүйлөтөт,
Сүйүү деген - бийлебести бийлетет.
Сүйүү деген - капысынан келет да,
Сүйүү деген - жүдөбөстү жүдөтөт.

Сүйүү деген - сезимдерди кубантат,
Сүйүү деген - үзүлгөндү улантат.
Сүйүү деген - бүт ааламды таңдантып,
Сүйүү деген - соолуганды жандантат.

Сүйүү деген - шоола чачып адамга,
Сүйүү деген - жүрөктөрдү сүйүнтөт.
Сүйүү деген - соолуганды тирилтет,
Сүйүү деген - каткандарды жибитет.

Сүйүү деген - болбогонду болтурат,
Сүйүү деген - кемигенди толтурат,
Сүйүү деген - оорубасты оорутат,
Сүйүү деген - башка бакыт кондурат.

*15.07.2023-жыл.*





## МАХАБАТ КУРБУМА

Махабат курбум мактасам,
Жүрөгү ачык таптазам.
Эч адамга окшобойт,
Кыялы дагы башкачам.

Эмгегин элге арнаган,
Эс алууга барбаган.
Көбүрөөк акча табам деп,
Жумушун такыр чанбаган.

Элге кылган эмгеги,
Бааланбастан калбаган.
Чоңдордон сыйлык алса да,
Мактанып ага калбаган.

Балдарына бакыйтып,
Тарбиясын арнаган,
Жумуш менен чектелип,
Үй-жайы сыртта калбаган.

Кичинемден бир өскөн,
Махабат курбум жайнаган,
Аз болсо да кабыл ал,
Ырымды сага арнаган.

*24.02.2023-жыл.*

## КАРЫЛЫК

Жылдар өтсө карылык келет тура,
Өткөн жылдар жемишин берет тура.
Чырпык болсоң бир кезде сен ийилген,
Чынар кылып өзгөртүп коет тура.

Карылык эч кайрылбас мезгил тура,
Колдон келсе өткөрөлү оюн кура.
Жакшы жашап өткөнгө неге болбойт,
Бала-чакаң кубат берип колдоп турса.

Карылыктын жакшы күнүн көп көрөлү,
Карылыкты баарына бербейт экен.
Кудай өзү насип кылып жеткирбесе,
Көп адамдар карылыкты көрбөйт экен.

Уккулачы сөзүмдү көңүл бура,
Карылык өзүнүкүн албай койбойт.
Колу-бутуң тушалып тартып турса,
Көңүлүң дайыма эле ачык болбойт.

Карылык канткен менен кутман курак,
Улуу деп жаштар бизди сыйлап турат.
Төргө отуруп балдардын сыйын көрүп,
Акыл айтып, бата берип тураар убак.

*08.12.2022-жыл.*





## КЫМБАТ ЖЕҢЕМЕ

Келсе келсин куттуу болсун жашыңыз,
Куттук айтып кубанабыз баарыбыз.
Акем менен балдардын сыйын көрүп,
Ар убакта аман балсун башыңыз.

Алтымышка чыккан бар, чыкпаган бар,
Кудайдын тартуулаган белеги экен.
Ушул күндү көрсөткөн сизге, бизге,
Кудайга шүгүр айтыш керек экен.

Элүүнүн эшигин жаап, алтымышты ачтыңызбы,
Эртелеп карылыкка шаштыңызбы.
Кичине жүрө бербей жеңекем ай,
Ак аралап калыптыр го чачыңызды.

Алтымыш карылыктын ак боз аты,
Адашып жүрө турбай издеп тапты.
Дегеним артында биз турабыз,
Алтымыштын ак боз аты издеп тапчу.

Атыңыз болсо дагы кашаңыраак,
Тизгинин кое бербей жеңе тарткын.
Алтымыштын ак боз атын минип алып,
Алга баштап жеңекем алга чапкын.

*20.98.2022-жыл.*

## ЧЫНАРА АБЫСЫНЫМА

Тушоо кесүү, сүннөт той,
Өткөрүп бүгүн жатасың.
Жетине албай сүйүнүп,
Чачыланды чачасың.
Калдайган элди чогултуп,
Батасын алып жатасың.

Небере ысык турбайбы,
Балаңдан артык сүйөсүң.
Кошулуп алып аларга,
Күлсө кошо күлөсүң.
Ырдаса кошо ырдайсың,
Жыргаса кошо жыргайсың.

Балдарыңдан сый көрүп,
Абысыным жүрө бер.
Небереңе кошулуп,
Аман-эсен жүрө бер,
Бактылуу деген ушул да,
Узак өмүр сүрө бер.

*05.08.2022-жыл.*





## ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ

Ютубдан көрүп алып кабарларды,
Бүгүн менин жүрөгүм жараланды.
Шүгүр кылдым жана да шүгүр кылдым,
Бизден өткөн бактылуу жандар барбы.

Көрдүм малдан калган сууну ичкендерди,
Жалбырак, чөп тамырын жегендерди.
Какталып чызыраган ысык күндө,
Ылай суута кезекти күткөндөрдү.

Жүрөк ыйлайт от кечип жүргөндөргө,
Жүрөк ыйлайт окко учуп өлгөндөргө.
Жүрөк ыйлайт жаш бойдон өлгөндөргө,
Бир чуңкурга сүрдүрүп көмгөнүндө.

Ушуларды көрүп алып ыйлап турам,
Жанчылып өзүмдү-өзүм кыйнап турам.
Баалабай жүргөнүмдү кечирчи деп,
Жараткандан кечирим сурап турам.

Оо адамдар !.., көңүлдү буралычы,
Кечиримин кудайдын сурайлычы.
Ар күнү адам болуп жашайлычы,
Алга карай таза кадам таштайлычы,
Жакшы ишти өзүбүздөн баштайлычы.

*26.07.2022-жыл*

## ЭМИРЛАН ИНИМЕ

Туулган күнүң куттуктап,
Ырдан белек сунайын.
Өзүңө чын жүрөктөн,
Ырдан десте курайын.
Жакшы тилек ой менен,
Куттук айтып турайын.

Элпек иним Эмирлан,
Ушунуңдан жазбагын.
Жаш кезиңде мээнет кыл,
Жалкоолукка качпагын.
Жаман - жуман кыялды,
Суранамын таштагын.
Акылың болсо алтыным,
Ак эмгекти барктагын.

Жаш кезиңде ойноп күл,
Жалтаңдабай алга жүр.
Алдыда баары дебегин,
Карматпай өтөт бул өмүр.
Убакыт деген учкан куш,
Уттурбай иним өмүр сүр.

Ата-энеңдин эмгегин,
Ар убакта актай бил.
Ага-тууган, уруктун,
Ынтымагын сактай бил.
Картаң апчем эле деп,
Картайсам мага каттай жүр.

*06.04.2022-жыл.*





## НООРУЗ

Нооруз майрам кандай сонун салтанат,
Нооруз менен жыл санагы башталат.
Кыргызчага которгондо Ноорузду,
«Жадыраган жаңы күн» деп аталат.

Жаз келгенде Нооруз келет жериме,
Жаңы жашоо, дем, күч берет элиме.
Баары жашыл айланага карасам,
Менин дагы дем кошулат демиме.

Нооруз келсе ысырыгын камдашып,
Апаларым алас-алас айтышат.
«Жамандык кет, жакшылык кел элге»- деп,
Жакшы, жакшы тилектерди чакырат.

Аталар да ак сакалын жайкалтып,
Бата берет «жылым жакшы болсун» - деп.
Тынчтык каалап, бакыт каалап элиме,
«Кампалары мол түшүмгө толсун « - деп.

Кел Ноорузум, эл жериме келе бер,
Жакшылык бер, ынтымак бер, тынчтык бер.
Бактылуулук, ыймандуулук, барчылык,
Өзүң менен жаңы күндү ала кел!

*21.03.2022-жыл.*

## ЖАЗ

Жаз мезгили келип турат жергеме,
Ыраазымын ушул күндү бергенге .
Жаз келгенде жаратылыш көрктөнүп,
Жакшынакай сезим жанат көөдөндө.

Жаз келгенде гүл жыттанат айлана,
Теребел да өзгөрүлөт жай гана.
Жаз менен гүл делебени козгосо,
Анан кантип алдырбайсың кыялга.

Жаздын күнү жаш баладай жаркылдап,
Жүрөгүңө жылуулукту тартуулап.
Жыты аңкып гүлдөр турса буркурап,
Жан дүйнөң да кубат алып жашарат.

Жаз жамгыры кээде жааса көнөктөп,
Жердин бети көркkө келип көгөрөт.
Жаз келгенде майрам кошо келгендей,
Кулпунушат шаңга келип төгөрөк.

*10.03.2022-жыл.*





## ЫСЫК-КӨЛҮМ

Оо менин! касиеттүү Ысык-Көлүм,
Кайрылып кайра өзүңдү дагы көрдүм.
Бир күч бар кереметтүү суктандырган,
Карап туруп өзүңө көңүл бөлдүм.

Көргөн сайын өзүңө тартып турган,
Катылгандай сезилет өзүңдө сыр.
Удургуп сезимдерден оргуп чыгып,
Чын жүрөктөн өзүңө жазылат ыр.

Шүгүр кылдым кудайга нечен ирет,
Кыргызыма тартуу кылып сени берген.
Дүйнө жүзүн суктандырып жашай бергин,
Көл болбостур бир өзүңө тең келген.

Келген сайын келбейт сенден бөлүнгүм,
Жан дүйнөмө өзгөчө дем бересиң.
Түйүнүн чече албаган эч бир адам,
Жомоктогу табышмактай сезилесиң.

Толкунуңдун үнүнөн тажабаймын,
Уккан сайын кайрадан уккум келет.
Кереметиң, касиетиң даңазалап,
Жазган сайын күчөтүп жазгым келет.
Ар жылы эки ирет барсам дагы,
Барган сайын өзүңө баргым келет.

*06.02.2022-жыл.*

## ӨМҮР ЖОЛУ

Жашоо, өмүр жол сыяктуу уланат,
Адам жашайт ошол жолду кубалап.
Өз колунан жаралса да ушул жол,
Адамзатка эч жеткирбей уланат.

Ар кай жерден жолго чыгат адамдар,
Ар тараптан кошулушат кадамдар.
Түптүз, таштак, кенен жана тар жолдо,
Сапар тартып жолго чыгат жарандар.

Күтөт жолдор жолго адам чыкса деп,
Жолду бойлой аялдама жасалган.
Туура жүрбөй чыгып калса ал жолдон,
Бүтөт жолдор ал адамга арналган.

Эч бир адам жол түбүнө жетпеген,
Кээ бирлери жолду табат кепкенен.
Изденбестен кете берген адамды,
Тар жол күтөт туңгуюкка кептеген.

Жашоо үчүн кызыктырган кан жолдо,
Ар кимиси өз жолдорун табышат.
Бара жатып узун жолду кубалап,
Өз жолун таап кайрылышып калышат.

Жолдор, жолдор кете берет азгырып,
Улам-улам кызыктырып чакырып.
Жашоо үчүн жолго чыккан жандарды,
Кучак жая тосуп алат батырып.

*20.10.2024- жыл.*





## МЕН ТАРАЗГА БАРАТАМ

Жамбыл эмес «Олуя-Ата» болчу деп,
Чоң энемден ушундай сөз эшиткем.
Азыр Тараз калаа болуп өзгөрдү,
Жамбыл шаары кичинемде мен билген.

Бала кезде биз Жамбылга барчубуз,
Үйгө керек оокаттардан алчубуз.
Ата-энем, бир туугандар баарыбыз,
Лагман деген тамак ичип кайтчубуз.

Биз Жамбылдан көп нерселер алчубуз,
Үйүбүзгө запас топтоп барчубуз.
Узун-узун момпосуйдан көп алып,
Жыргап соруп моокумдан бир канчубуз.

Базарынын берекеси төгүлгөн,
Жамбыл мага өнөр жайлуу көрүнгөн.
Кийин көрдүм темир, авто жолдорун,
Өтүп жүрүп студенттик күндөрдө.

Мен Таразда далай ирет болгонмун,
Ал анткени мен Таластан боломун.
Казак менен кыргыз болсо бир тууган,
Талас, Тараз билем коңшу болоорун.

Буюрдубу кайра көрүү Таразды,
Жүргөн элем тилек кылып кудайдан.
Насип болуп мен Таразга баратам,
Көрүп келип жакшы ырлар жаратам.

*18.10.2024-жыл.*

## ЧАКЫРЫК

Курултайдан калбай баарың келгиле,
Узак болсун улуу достук мамиле.
Кучак жайып сагынышкан туугандар,
Бир-бириңе ысык салам бергиле.

Эбегейсиз чоң мамиле жаралат,
Ар улуттун акындары келгенде.
Айтып келген казак, кыргыз бир тууган,
Ортобузду жакындатат көп нерсе.

Кыргыздардын алп акыны Токтогул,
Жамбыл экөө дос болушуп келишкен.
Чыңгыз менен Мухтар Шахан уулу да,
Түбөлүктүү достук жолун бекиткен.

Учурашып курултайда жаш-кары,
Уланталы ушул жолду биз дагы.
Укмуштуудай жакшы күндү өткөрүп,
Унутулгус достук күнүн куралы.

*16.10.2024-жыл.*





## ЫНАГЫМА

Куттуу болсун бүгүнкү мүчөл жашың,
Аман болсун дайыма алтын башың.
Үй-бүлөңдүн карманган туусу болгун,
Улам өйдө бийиктеп урган ташың.

Мээнеткечсиң тынбаган, чарчабаган,
Далай ишти бүтүрүп канчалаган.
Кылган иштин үзүрү келет бир күн,
Мээнет кылып өстүргөн балдарыңдан.

Дагы деле мен үчүн баладайсың,
Ата болуп өзүңчө калсаң дагы.
Мен да сени ойлоном сен сыяктуу,
Бүлө күтүп, бир топко барсаң дагы.

Сыймыктанам алтыным өзүң менен,
Алдыдагы жолдоруң болсун кенен.
Бассам-турсам өзүңө дуба кылам,
Кабыл болуп бактылуу болсоң экен.

Кайда жүрсөң кудайым колдоп жүрсүн,
Апакеңдин батасы ушул экен.

*14.10.2024-жыл.*

## ЫР ИЗДЕП

Ыр издеп, мен тоолорго барайынбы ?
Ырларды чокулардан алайынбы ?
Эритип мөңгүлөрдү шылдыратып,
Ырлардын ыргагына салайынбы ?

Ыр издеп мен көлдөргө барайынбы ?
Ырларды толкундардан алайынбы ?
Ыр издеп балык болуп көл түбүндө,
Түбөлүк ырлар жазып калайынбы ?

Ыр издеп эрме чөлгө барайынбы ?
Ырларды ысык кумдан алайынбы ?
Ыр таппай же суу таппай эрме чөлдө,
Тилим кургап как талаада калайынбы ?

Ыр издеп бүт дүйнөнү кезейинби?
Ыр издеп келгис болуп кетейинби ?
Ыр издеп максатыма жеткичекти,
Ыр издеп дербиш болуп кетейинби?

*09.10.2024-жыл.*





## БҮГҮН ЫР ЖАЗАЙЫНЧЫ

Бүгүн да ыр дүйнөгө барайынчы,
Ырлардын толкунунда калайынчы.
Моокумум кангычакты ырлар жазып,
Ыр жазып кумардан бир канайынчы.

Бүгүн мен жакшы ырдан жазайынчы,
Ичтеги сырларымды ачайынчы.
Кудайым кош канатты берип жатса,
Көкөлөп көккө учуп барайынчы.

Ырларым куюлушуп келгилечи,
Кулпунган ыр саптарын бергилечи.
Кубансын ыр окуган окурмандар,
Кумарды бир кандырып кеткилечи.

*09.10.2024-жыл.*



## ТАЛАСТЫН ЖИГИТТЕРИ

Мыкты болот Таластын шумкарлары,
От үстүндө ойнотуп тулпарларды.
Айкөл келет Таластын жигиттери,
Катуу чыгып басканда дүбүрттөрү.

Айтканынан кайтпаган көк болушат,
Телегейи тептегиз төп болушат.
Жигиттердин Шаймерден пири колдоп,
Отту кармап ойношуп, шок болушат.

Бирөөлөргө өздөрү катылышпайт,
Катылганды жазасыз калтырышпайт.
Манас менен Чыңгыздын урпактары,
Сөзгө бекем жөн эле атылышпайт.

Атак-даңкын чыгарат алыс-алыс.
Оңой менен колунан бербейт намыс.
Ата-журтун ыйык сактап бере алат,
Коркпостон, чегинишпейт жарым карыш.

*08.10.2024-жыл.*





## БҮГҮН ЖАША

Неге жашоо мени абдан калчадың,
Алсыздыктын арабасын тартамын.
Күчтүүлөрдөй сезилсем да башкага,
Айлам кетип арып, азып чарчадым.

Оор санаа басып алып дүйнөмдү,
Ушунчалык мен кыйналып жүдөдүм .
Бир суроого жооп издей беремин,
Эмнеге мен баарысына түтөмүн?..

Таарынгын же таарынбагын тагдырга,
Баарын коёт убакыт өз ордуна.
Бүгүн жаша эртеңкиге калтырба,
Келеби же келбейби ал артына.

*08.10.2024–жыл.*

## САПЫРЫЛГАН СЕЗИМДЕР

Айлананын баары калды күз жыттынып,
Жалбырактар күндөн-күнгө саргыч тартып.
Өмүрүмдүн ыргактары күзгө окшоп,
Түн узарып кайрадан күн кыскаргансып.

Чөптөр куурап жайдагыдай жашыл эмес,
Желге учуп түшкөн бариктер бир элес.
Сапырылып санааларды чакырат,
Ушул сары жалбырактар сыңарындай.

Күздүн күнү ойго батып олтурамын,
Ырлар жазып дептеримди толтурамын.
Жалбырактай учуп кеткен жаштыгымды,
Кантип эми карегиме кондурамын.

*08.10.2024-жыл.*





## КУРБУМА

Эх курбум баягыңдай жүрөсүңбү?
Шаңкылдап азыр. деле күлөсүңбү?
Тамаша айтып койсо чындай көрүп,
Таарынып кабагыңды түйөсүңбү?

Эх курбум мурункуңдай жүрөсүңбү?
Жактырдым сенин шайыр мүнөзүңдү.
Сагынып калган кезде карап коём,
Баягы күлүп түшкөн сүрөтүңдү.

Эх курбум сен да мени эстейсиңби?
Эстегенде жаман болуп кетпейсиңби?
Сагындым балалыкты бирге жүргөн,
Сагынсаң бир жолу келип кетпейсиңби.

Эсиңдеби биз киного барганыбыз,
Кеч бүтүп автобустан калганыбыз.
Жөө калып жарым жолго жеткен кезде,
Жамгыр төгүп биз суу болуп алганыбыз.

Аттиң ай ошол күндөр арманыбыз,
Ага жетпей бармак тиштеп калганыбыз.
Канчалык сагынышып жүрсөк дагы,
Жетпеди жолугууга дарманыбыз...

*04.10.2024-жыл.*

## ДОСТОРУМА

Досторум силер азыр кайдасыңар ?
Билемин кол жетпеген жайдасыңар.
Уул үйлөп, неберенин жытын искеп,
Төбөңөр көккө жетип, айдасыңар.

Досторум силер азыр кайдасыңар?
Балдарга чымкый эле пайдасыңар.
Кыз берип, куда күтүп каадаланып,
Жээндерге тай - эне, тай - атасыңар.

Досторум силер азыр кайдасыңар?
Балдардын сыйын көргөн жайдасыңар.
Ак эмгек, кылган иштен үзүр көрүп,
Жер кезип, эс алуучу жайдасыңар.

*03.10.2024-жыл.*







## ОЙЛОНОМУН

Тереземди жамгыр турса черткилеп,
Жүрөгүмдө сезим күүсү чертилет.
Ыргагында олтурамын ойлонуп,
Мүнөт сайын өмүр деген кертилет.

Баары жашайт каталыкты кетирип,
Кереги жок андан издеп кемчилик.
Турса дагы бирөө сени жекирип,
Жашоо керек жаман ойду кетирип.

Өмүр улам барат бизден ыраактап,
Өтүп кетти жаштык күндөр чубактап.
Карылыкка алдырбастан сезимди,
Калган күндү жашайлычы ырааттап.

*03.10.2024-жыл.*



## АЛТЫМЫШ ЖАШ ТОЙГО КААЛОО

Куттук айтып алтымыш жаш күнүңө,
Келдик мына куттуктоого сүйүнө.
Алтын курбум аман жүргүн дайыма,
Бакыт толсун, ырыскылуу үйүңө.

Ат арытып алыс жолду карытып,
Алтын эжем бата алам деп келдиңби?
Алтымыш жаш каптын оозун кең ачып,
Ашуудагы отчётуңду бердиңби?

Көрдүм мен да, мында келген эл күбө,
Күтүптүрсүң жакшынакай үй-бүлө.
Ак эмгектин үзүрү го ушул күн,
Карылыктын доорун узак сүргүлө.

Кабыл болсун берген элдин батасы,
Көз тийбесин, болбосун сага капасы.
Өзүңө окшоп мен сүйүнүп турамын,
Келгендердин жүзү жарык карачы.

Дал ушундай жакшы күндөр алдыда,
Дагы-дагы далай ирет болсунчу,
Жүрсөң дагы бизден ыраак алыста,
Жүрөгүбүз өтө жакын болсунчу.

*04.10.2024-жыл.*





## ЖАШТЫГЫМ

Коодукту колум менен кармай албай,
Өмүрүм өтүп барат алдай-алдай.
Уттуруп убакытка алдым окшойт,
Жаш кезди жаркылдатып жандай албай.

## ЭХ ЧИРКИН!..

Эх чиркин! жаштык деген керемет го,
Жаштыгың бир өмүргө бир келет го.
Бааланбай жаштык кезиң өтүп кетсе,
Өкүнүү жашыттырып миң келет го.

Жаштыгым жалындаган кайран кезим,
Өзүңдү эстей берет ички сезим.
Өкүнбөй коё албай койдум деги,
Өзүңдө өтүп кеткен өрттүү кезим.

*01.10.2024-жыл.*



## АКЫН ЖАЗАТ – 1

Акын сезет башкалар сезбегенди,
Акын жазат ырларды, термелерди.
Акын көрөт көп жандар көрбөгөндү,
Көрмөк турсун көңүлүн бөлбөгөндү.

Болуп жаткан коомдогу бардык нерсе,
Жүрөгүнөн акындын өтөт тура.
Ошол өткөн күндөрдү жашоодогу,
Акын жазат эң сонун ырын кура.

Бардык сөзгө өзгөчө маани берген,
Акындардын жүрөгү сезгич делген.
Тамгалардын койкойтуп орунун таап,
Кереметтүү ырларды бергич келген.

Акын жазат ырларды жүрөгүнөн,
Эргүү деген канаттуу өмүр сүргөн.
Ырды сүйгөн сезимтал окурмандын,
Жүрөгүндө өчпөгөн жарык күйгөн.

*01.10.2024-жыл.*





## МУГАЛИМ

Мугалимден кимдер таалим албаган,
Мугалимди кимдер жандап барбаган.
Эң жөнөкөй таасири чоң бул адам,
Өмүрлөрүн өспүрүмгө арнаган.

Мугалимден билим алып келебиз,
Мугалимди дайым сыйлай беребиз.
Жакшы жолго жолдоп бизди өстүргөн,
Мугалимдер экинчи ата-энебиз.

Мугалимдин эмгеги зор билгенге,
Туура жолду тандап турмуш кечкенге.
Мектеп, билим, чоң таасирин тийгизет,
Жашообуздун миң түйүнүн чечкенге.

Мугалимдер күнү менен куттуктап,
Калем алып ыр саптарын арнайлы.
Ар убакта майрамдарын унутпай,
Мугалимдин ак эмгегин даңктайлы!

*03.10.2024-жыл.*

## КАРЫЛАР КҮНҮНӨ

Карылар күнүн куттуктап,
Жакшылап ырым жазайын.
Кудайдан сурап эргүүнү,
Куржундун оозун ачайын.

Кадырман биздин карылар,
Эң жакшы силер баарыңар.
Балдардан көрүп жакшылык,
Бактылуу болуп калыңдар.

Кудайым колдоп дайыма,
Кайраттуу болуп жүргүлө.
Төрлөрдүн ачып көркөмүн,
Өрнөктүү өмүр сүргүлө.

Дайыма каалайм сиздерге,
Бактылуу кары күндөрүн.
Жашоодон алып ырахат,
Өмүрдүн терип гүлдөрүн.

Ойносо бирге ойнотуп,
Небере менен күлгүлө.
Батаны берип балдарга,
Бактылуу өмүр сүргүлө !...

*01.10.2024-жыл.*





## ЖОЛДОГУ КАЙЫҢГА

Жолдогу өскөн кайыңым,
Сапсары болуп калыптыр.
Башкалар баары жашыл ал,
Сары тон кийип алыптыр.

Жолдогу өскөн ак кайың,
Оюмду онго бөлөсүң.
Эмнеге эрте саргайдың,
Санаамдан чыкпайт элесиң.

Күзүндө жамгыр төккөндө,
Кайыңдар кошо ыйлашат.
Жүрөгүн эзип көргөндүн,
Өзүнө кошуп ыйлатат.

Үлбүрөп назик денеси,
Үшүкчөн болот өңдөнөт.
Чыдабай күзгү суукка,
Чыйрыгып кетет көрүнөт.

Көркөмүң көздү талдырган,
Өзүңө жетпейт эч бир тал.
Жазында сага жолугам,
Үшүбөй кыштан чыгып ал.

*26.09.2024-жыл.*

## КҮЗГҮ ЖАМГЫР – 2

Жамгырым жааса тыбырап,
Жагымдуу дабыш угулат.
Күз менен кошо бир келген,
Карылык сезим туюлат.

Тыңшасам тамчы үндөрүн,
Негедир сезим муңайым.
Күттүргөн күздүн күндөрү,
Жыпжылуу болгун ылайым.

Күзүндө жыйнап түшүмүн,
Дыйкандар жүрөт кудуңдап.
Отун, суу камдап үйүнө,
Келерки кышты утурлап.

Күндөр да улам салкындап,
Күз күнү келди жакындап.
Жай мезгил өтүп тез эле,
Кыш келээрин  кабарлап.

Жамгырым жаасаң мейлиң жаа,
Тазартып баарын коёсуң,
Абайла бирок өчүрбө,
Айлымдын жашыл боёгун.

*26.09.2024-жыл.*





## БОЗ ТОПУРАК

Боз топурак неге мынча бозоросуң?
Көңүлдөрдү оорутуп томсоросуң.
Кан-жаны жок майыптарды топтой берип,
Мүмкүн сен дал ошондон бозоргонсуң.

Боз топурак сен баарын бөлөсүңбү?
Бөлгөндү эмне жакшы көрөсүңбү ?
Өлгөн жандын жазасы көмгөн кылып,
Баарысын жер алдына көмөсүңбү?

Боз топурак баарын сен аласыңбы?
Эмне ошондо тоюнуп каласыңбы?
Ач ажал ырайымсыз алып кеткен,
Жандардын айласын сен табасыңбы?

Боз топурак көңүлдү суутасың,
Муңкантып мууну бошту муунтасың.
Канча суроо, бирок эч бир жооп жок,
Кайгыртып тирүү жанды курутасың.

*25.09.2024-жыл.*

## ОЙЛОБОДУМ

Ойлободум мен ыр жазып калам деп,
Акындардын жолу менен барам деп.
Өтө назик жан дүйнөсү сезимтал,
Адамдардын арасында калам деп.

Учуп жүргөн үлбүрөктөн асманда,
Жерде өскөн каакым гүлүн табам деп,
Тереңине кирип алып сөздөрдүн,
Тамчыдан суу, нурдан күндү алам деп.

Ойлободум ыр дүйнөгө барам деп,
Ойлоп-ойлоп ырлар жазып калам деп.
Тамгалардан кураштырып кагазга,
Тамырлаган жакшы сөздү жазам деп.

*13.08.2024-жыл.*







## СЫРТТА ЖАМГЫР

Сыртта жамгыр ойго батып олтурам,
Сезимимди санааларга толтурам.
Кыялымда жетпей калган жашоону,
Ырга кошуп дептериме кондурам

Ырым менен жетпегенге жетемин,
Кыялымда кырды ашып кетемин.
Ыр дүйнөнүн кучагында жүргөндө,
Гүлгө айланып жап-жаш болуп кетемин.

Ырым менен болбогонду болтурам,
Жүрөгүмдү жакшылыкка толтурам.
Сыртта жамгыр мага шерик болгондой,
Тереземди тырсылдатып тооруган.

Сыртта жамгыр эмнегедир көңүл жок,
Жаштык кезди эңсей берет көңүл шок.
Сезимимди ырга кошуп беремин,
Шүгүр кылам ушуга да көңүл ток.

*18.09.2024-жыл.*

## КӨК БӨРҮ

Кыргызда бар кызык оюн көк бөрү,
Ойнойт аны жигиттердин көптөрү.
Жеңилбеген, өжөрлүгүн бербеген,
Тайманбаган көкүрөгү өрттөрү.

Көк бөрүгө кызыкпаган кыргыз жок,
Чоң, кичине арбалышат көңүл шок.
Мелдештерден жакшы оюн көргөндө,
Канааттанып болуп калат көңүл ток.

Көк бөрүнү илгертеден барктboard,
Сүрөп, таяп күйөрмандар тапташат.
Маани берип эң кызыктуу салымга,
Көк бөрүчү жигиттерди макташат.

Жылдан-жылга тамырлары жайылып,
Чыга берсин оюндардын көрктөрү.
Сактап берип кылымдардан кылымга,
Жашай берсин кыргыз оюн көк бөрү!

*16.09.2024-жыл.*





## ЖАКШЫЛАРГА

Жакшылар жүрөгүмө жагып турат,
Көңүлдө жылуу сезим жанып турат.
Тутантып өчүп бара жаткан шамды,
Өчүрбөй алар кайра жагып турат.

Жакшынын жасаганы жакшы болот,
Жактырып жүргөнүнө көңүл толот.
Жагымдуу кылган ишин көргөнүңдө,
Көкөлөп сезимдериң көктө болот.

Жакшылар жашообузда келип турат,
Жандантып демине-дем берип турат.
Көңүлүң көп нерседен калса дагы,
Калтырбай ара жолго көңүл бурат.

Жакшылар кемтик жерди көрүп турат,
Көрсөтпөй башкаларга бүтөп турат.
Жанашып жашоо үчүн жакшыларга,
Сезим да күндөн-күнгө күчөп турат.

*16.09.2024-жыл.*

## КҮЗГӨ АЙТАМ САЛАМДЫ

Алтын каптап айлана,
Күзгө айтам саламды.
Түшүм жайнап кубанган,
Бабам дыйкан аманбы?

Элдин пейлин тойгузган,
Күзүм келген турбайбы.
Кампа толгон эгинге,
Түшүм ырын ырдайлы.

Коңур күзүм эң сонун,
Элдин ишин кайтарган.
Кыштан жеңил өтөбүз,
Камдап алсак баарынан.

Ушул күздө мен дагы,
Ырлап жазып алайын.
Күздү мактап кулпунган,
Алтын сөздөн табайын.

*13.08.2024-жыл.*





## КОМУЗУМ

Комузумда туулган жердин таңы бар,
Добушунда ырларымдын шаңы бар.
Комузумда каным менен жаралган,
Ырдап жаткан ар бир ырдын жаны бар.

Кыйын күндө Током менен бир жүргөн,
Сибирдеги күндөрүн да бир сүргөн.
Ырларында бирге ыйлап муңканып,
Сүйүнгөндө жүрөк жарып сүйүнгөн.

Шаңкылдаган коштойт комуз ырларды,
Шайырлардан сездиргенсип жыргалды.
Кыйын күндө жамандыкты угузуп,
Мууну бошоп боздойт комуз муң-зарды.

Комуз менен залкар күүлөр чертилет,
Күү укканда эт жүрөгүм эзилет.
Ушул комуз кылымдардан келаткан,
Кыргызымдын жүрөгүндөй сезилет.

*09.09.2024-жыл.*

## КҮЗГҮ ТИЛЕК

Быйылкы күз бактылуу күздөн болсун,
Адамдарда жайнаган жүздөр болсун.
Жакшылыкты каалаган сөздөр болсун,
Күлүңдөгөн сүйкүмдүү көздөр болсун.

Берекесин мол берген түшүм болсун,
Бышыкчылык жайнаган күзүм болсун.
Эл эмгегин кайтарган күндөр келип,
Коңур күздүн күндөрү узун болсун.

Быйылкы күз суук эмес, жылуу болсун,
Алтын каптап айлана сулуу болсун.
Берекелүү кенен-кенен ойлор болсун,
Элибизде жакшылык тойлор болсун.

*08.09.2024- жыл.*







## МЕН ӨЗҮМӨ

Кантип жашап, эмнени ыраа көрдүм?
Кандай кылып сыйладым, көңүл бөлдүм?
Нечен түрлүү суракты коюп көрсөм,
Жообу жок суроолорго тан[1] койдум..

Эсте калаар эч нерсе кылбаптырмын,
Эси жоктой өзүмдү кыйнаптырмын.
Көпкө чейин ооруткан көңүлүмө,
Кереги жок нерсени да жыйнаптырмын.

Далай-далай уйкусуз таңдар атып,
Кээ түндөрү буулугуп ыйлаптырмын.
Ойлоп азыр сеземин каталарым,
Өчүм бардай өзүмдү кыйнаптырмын.

Карысам да күчүмдү жыйнайынчы,
Мындан ары өзүмдү сыйлайынчы.
Жүрөгүмдөн кечирим сурайынчы,
Кыянаттык өзүмө кылбайынчы.

*06.09.2024-жыл.*

[1] Таң калдым

## ЖОЙГУМ КЕЛЕТ

Баарысына чекитти койгум келет,
Эмнегедир ээн-эркин болгум келет.
Андай болбойт, уят болот деген чекти,
Биротоло түбүнөн жойгум келет.

Алыстарга көрүнбөй кетким келет,
Кыйын күндү көрсөтпөй жеңгим келет.
Тыйуулардын баарынан кетким келет,
Эл эмне дейт? - дегенди чечким келет.

Катуу жаанда көчөгө чыккым келет,
Чачтан ылдый суу болуп жүргүм келет.
Бала кездей уят болот десе болбой,
Кыткылыктап токтобой күлгүм келет.

* * *

Кечээки күн кетти,
Бүгүнкү күн келди.
Эртеңди билбейм, чеги болобу деги?
Болобу деги?...

*05.09.2024-жыл.*





## КҮЗДӨ

Күздө жазам жалбыракты саргайган,
Сапырылып түшүп жаткан ар кайдан.
Жылаңачтап үшүп калат дебестен,
Дарактардын бутактары тарбайган.

Кечээ эле болчу баары жапжашыл,
Жай мезгили жазып бүткүс жомоктой.
Жаштык менен жай күндөрү окшошот,
Жашообузга келип кеткен коноктой.

Күз келгенде жалбырактар түшүшөт,
Бак-дарактар кышы бою үшүшөт.
Айла канча жаратылыш ушундай,
Муңайгандай жазды кайра күтүшөт.

*05.09.2024-жыл.*



## ЭСТЕДИМ

Бүгүн мен мектепке барып келип,
Отурдум ыр жазганы калем алып .
Неберемди биринчиге алып барып,
Сеэдим мен калганымды бир аз карып .

Эстедим биринчиге барганымды,
Эн биринчи колго калем алганымды .
Биринчи ирет дептериме жазганымды,
Анан он жыл билим кенин казганымды .

Эстедим классташты тапканымды,
Алар менен жаны дүйнө ачканымды .
Сонун, сонун күндөрдү биз өткөрүп,
Балалыктын бактысына батканымды .

Эстеп алып көзүмө жаш келгенсип,
Күзгө кошуп өмүрүмө күз келгенсип.
Карылыктын кабарын ал бергенсип,
Өткөнгө өкүнбөгүн дегенсип.

Тобоо кылам ушул күндү көргөнүмө,
Айланама көңүлүмдү бөлгөнүмө.
Ээрчитип неберемди келгениме,
Неберeме Ак батамды бергениме .
Сүйүндүм быйылкы күз келгенине,
Элге тынчтык, берекесин бергенине.

*01.09.2023-жыл.*





## ЭРТЕҢ МАЙРАМ

Эртең майрам элимде,
Эгемендик жеримде.
Куттук айтып турамын,
Кутман кыргыз элиме.

Кара Кыргыз автоном,
Алган күнүң кут болсун.
Жүз жылдыкты майрамдап,
Турган күнүң жуп болсун.

Элим алып эгемен,
Отуз үчкө толупсуң.
Бишкек шаары өзгөрүп,
Кутман ордо болупсуң.

Тынчтык болуп дүйнөдө,
Куттуу элим жүрө бер,
Кызыл желек желбиреп,
Кылым өмүр сүрө бер!

*30.08.2024-жыл.*



## ЖАЙ МЕЗГИЛ САГА ЫРАХМАТ

Күз мезгил калса жакындап,
Кылчайтып артка каратат.
Жаштыгым өткөн сыяктуу,
Жай мезгил өтүп баратат.

Үлбүрөк көйнөк кийгизген,
Үшүтпөй жеңил жүргүзгөн.
Курбулар менен бир кылып,
Кубантып өмүр сүргүзгөн

Жеңилден кийим кийгизген,
Жел менен бирге жүргүзгөн.
Жакшына күндө бир кылып,
Жакшылар менен жүргүзгөн.

Ысык-Көл сага баргызган,
Ырларды суудай агызган.
Бактылуу учур ушул деп,
Жашоонун балын тамызган.

Эс алып көңүл жай кылган,
Эргүүнү берип кандырган.
Караанын барат ыраактап,
Жай мезгил сага ырахмат.

*27.08.2024-жыл.*





## СОНУН УБАК

Негедир бүгүн менин көөнүм куунак,
Сезгенди жазып жатам ырым курап.
Жаштыгым тээ кыядан өтүп кетип,
Улгайган күндөрүмө жеткен убак.

Келиптир сыйды көрөөр кутман курак,
Аралап чачыбызды аппак бубак.
Бак тилеп, балдарыма бата берип,
Төрүндө сыйын көрүп жүрчү убак.

«Кандайсыз апаке?» – деп алым сурап,
Балдарым келип турса убап-чубап.
Кудайдын бергенине шүгүр кылам,
Кубанам биздин курак сонун убак.

Ак жоолук, ак элечек кийип алып,
Айылдап жакындарга күндө барып.
Алтындар жакшы жашап өтөлүчү,
Ар күнү өткөн күндөн эргүү алып.

*27.08.2024-жыл.*



## КҮЗГҮ КАЙРЫКТАР

Жаркылдаган жайым менен коштошуп,
Күлүңдөгөн күзгө кирип барамын.
Кереметтүү күз жөнүндө ыр жазып,
Берекелүү ырларымды табамын.

Билесиңби ырды кайдан аламын ?,
Эргүү издеп кең талаага барамын.
Мол түшүмгө көңүл тоюп отурган,
Дыйкандардын кабагынан табамын.

Бара жатам байкап жолдо жай гана,
Коңур түстүү кийим кийип айлана.
Жалбырактар кулап түшө баштаптыр,
Мага окшоп калса керек картая.

Күзгү жамгыр төгүп козгойт оюмду,
Жумшак шамаал тосуп менин жолумду.
Дүрбөлөңгө салып койду дүйнөмдү,
Ыр жазчы деп ойноктотуп колумду.

*28.08.2024-жыл.*





## КУСАЛЫКТЫ ЖЕҢЕМИН

Мезгил чиркин өткөн сайын зымырап,
Мен алыштым артта калбай тыбырап.
Кээ күндөрү миң аракет кылсам да,
Жылбай койдум тушалгандай кыбырап.

Бала кез кандай сонун жыргал эле,
Ошол кезде чоң жашоону каалагам.
Эмнеликтен азыр деле билбеймин,
Жашаганды мен чоңдордой самагам.

Азыр болсо баштан өтүп көп нерсе,
Тайкы тагдыр тузагында келемин.
Калем сабым болуп менин сырдашым,
Кусалыкты кыял менен жеңемин.

Эргүү келсе ырлар жаза беремин,
Түшпөсө дейм колумдан эч калемим.
Жараткандын бергенине шүгүр деп,
Ырым менен кусалыкты жеңемин.

*24.08.2024-жыл.*

## ТАЛАНТ ДОСУБУЗГА

Жашоодон алган сабагымды,
Жазып жатамын кагаз бетине.
Жакшы адамдар унутулбастан,
Калса экен дейм элдин эсинде.

Элди тегиз көрчү элең досум,
Баарына көңүл бөлчү элең досум.
Жадырап жайнап ооруп жүрсөң дагы,
Өлбөстөй болуп жүрчү элең досум.

Тамаша айтып элди күлдүргөн,
Мүнөзүң сенин бар эле досум.
Достуктун шертин бузбай сактаган,
Кадыр-баркы чоң жан элең досум.

Атыңа затың жарашып досум,
Талантың дагы бар эле досум.
Сен ырдап калсаң шеринелерде,
Баарыбыз тыңдап калчу элек досум.

Талант дос өтүптүр деген,
Кабарды угуп жалдырап калдым.
Эмне болгонун түшүнө албай,
Уккан жеримде шалдырап калдым.

Балдарың ыйлап жашынан калды,
Айдалбай эми машинаң калды.
Чоң атанын мээримин көрбөй,
Неберелериң арманда калды.





Өзүңдү жоктоп бугу чыга албай,
Буркурап ыйлап досторуң жүрөт.
Арманда калып ыйлап олтурган,
Жубайың эми канткенде күлөт.

Акыретке жол тарттыңбы досум?
Жалган дүйнөнү жаптыңбы досум?
Эртелеп сенин алдыңда кеткен,
Эркин досуңду таптыңбы досум?

Аялың калды мүңкүрөп досум,
Балдарың далай үшкүрөт досум.
Той-томолокто чогулуп калсак,
Ким бизди сендей күлдүрөт досум.

Жүргөн жериңер кең бейиш болсун,
Жегендериңер жер-жемиш болсун.
Караңгы жакты нур кылып эми,
Күлдүрүп элди жүрө бер досум!

*28.12.2020-жыл.*



## КУРБУМ РОЗАГА

Жашоомдон жолуктурган алтын курбум,
Башкалардан жүрөгүмө жакын курбум.
Турмуштун өйдө-ылдый агымында,
Жанымда бирге болгон асыл курбум.

* * *

Бирге жүрдүк, бирге күлдүк сырдашып,
Бирге олтурдук, бирге ойноп, ырдашып.
Достор болдук эл суктанып карашкан,
Берээрге ашын таппай калган сыйлашып.

* * *

Аттиң десе мезгил өтөт тез шашып,
Жаштыгыбыз кеткен тура кыр ашып.
Тагдырыбыз экөөбүздүн окшош белем,
Эми минтип отурабыз ыйлашып.

* * *

Эки дос ээрчишип бизден кетип,
Кайгыртып капа кылып жүрөктү эзип.
Чын достор акыреттик болот дешет,
Ал жакта да жүрсө керек жетелешип.

* * *

Кайрат айтып бирибизге-бирибиз,
Эми ушинтип өтөт окшойт күнүбүз.
Дуба кылып, куран окуп аларга,
Өтүп жатат уктабастан түнүбүз.





* * *

Шүгүр айтып жараткандын кылганына,
Экөөбүз арман менен жашайбыз да.
Өмүр тилеп, бакыт тилеп балдарына,
Жалынып неберенин караанына.

* * *

Алтын курбум, жүрөгүмө жакын курбум,
Бекем бууп белибизди жүрөлүчү.
Ыйдын арты жаман дешет элибизде,
Кудай насип кылса далай күлөлүчү.

* * *

Аманатын кудайым кечтен берип,
Балдардын жакшылыгын көрсөк экен.
Бирин-бири бейишке жетелеген,
Акыреттик курбулар болсок экен.

*26.12.2020-жыл.*



## КИЧИНЕКЕЙ НЕБЕРЕМ

Кичинекей неберем басып жүрөт,
Ары-бери бирдеме ташып жүрөт.
Калчудай жеңилип чоң жарыштан,
Кагылайын дайыма шаңшып күлөт.

Басканына кубанып күлүп алат,
Тойтолоңдоп токтобой жүрүп барат.
«Өөп койчу» – деп койсоң кагылайын,
Жакын келип бетиңден сүйүп калат.

Жыгылайын деп кетсең коркуп кетем,
Карбаластап жүрөгүм «болк» деп жетем.
Кудайыма жалынам нечен-нечен,
Күлкүңөрдө силердин жүрсөм экен.

Кагылайын жыгылбай жүрсөң экен,
Кайгы билбей дайыма күлсөң экен.
Сенин басар жолдоруң таштак болбой,
Даңгыр жолдо өмүрдү сүрсөң экен.

*19.08.2024-жыл.*





## ТУРМУШКА ЧЫГААР КЫЗГА НАСААТ

Алтын кызым ак жолуңар ачылсын,
Бешенеңе бактылуулук жазылсын.
Келин келсе чачамын деп камдаган,
Кайын энеңдин чачыласы чачылсын.

Алган жарды ар убакта сүй кызым,
Айтканымды акылыңа түй кызым,
Кайын журттун кадыр-баркын бил кызым,
Капа кылбай ата-энеңди жүр кызым.

Эки жакты бирдей көрүп сыйлай бил,
Үй оокатын чачып койбой жыйнай бил,
Ата-журтка айланайын сөз тиет,
Айтканымды алтын кызым тыңдай бил.

Кылган иштен катаны таптырбагын,
Кайра-кайра камчыны чаптырбагын.
Билгениңден билбегениң көптүр кызым,
Үйрөнө бил улам-улам жакшыларын.

* * *

Улуунун сөзүн угуп жүр кызым,
Акылыңа сен түйүп жүр кызым.
Бүтпөгөн түйшүк кайда бар дейсиң,
Ишиңди таптак кылып жүр кызым.

* * *

Улуу адамдар таарынып калат,
Балаңды уруп муштаба кызым,
Жалкоолук деген эң жаман нерсе,
Чак түшкө чейин уктаба кызым.

* * *

Кудай берсе баланы төрөй бергин,
Ак бешикке алтыным бөлөй бергин.
Кабак-кашым дебестен кызым,
Кубатың барда иш кыла бергин.

* * *

Жакшы келин деп бир күнү айтат,
Кылган ишиңдин үзүрү кайтат.
Улууларга жүгүнүп, сыйлап,
Жүрө бер кызым, жаркылдап жайнап.

* * *

Кудайым сага өмүрдү берсин,
Жаркылдаган көңүлдү берсин.
Алганың менен бир карый турган,
Бактылуу болгон жашоону берсин.

*18.08.2024-жыл.*





## ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ – 1

Кабылдап маңдайыма жазган күндү,
Арга жок өткөрөмүн күндөрүмдү.
Өтсө да айлар жылга алмашылып,
Эстеймин мага берген гүлдөрүңдү.

Түбөлүк кете бердиң менден узап,
Сезбедиң бергениңди мага азап.
Жубайдан айрылганың кыйын экен,
Жүрөмүн жүрөк ыйлап, жүрөк кыйнап.

Элесиң такыр эле кетпес болду,
Күтүүдөн үзбөй койдум күдөрүмдү.
Келчүдөй сезилесиң азыр кирип,
Кучактап мага алып гүлдөрүңдү.

*14.08.2024-жыл.*



## СЕНИ ОЙЛОП

Элесиң көз алдымдан кетпей койду,
Өзүңдү издей берем өмүр бою.
Азапка салып мени арман деген,
Күттүрүп жол каратып мени койду.

Көңүлүм көксөп сени сагынганда,
Көрүнбөй алыстарга кетким келет.
Тагдырдын көшөгөсүн сыйрып салып,
Көксөгөн кыялыма жетким келет.

Сени издеп булуттарга кетсем окшойт,
Себелеп жамгыр болуп төксөм окшойт.
Себеби сени ойлоп күнү-түнү,
Сагынып жүрөк ыйлап, жүрөк боздойт.

Көңүлүм ооруйт сени ойлогондо,
Ыр жазып сага арнап толгонгондо.
Өзүңдү эч бир жанга бербейт элем,
Өкүнткөн ажал эгер болбогондо.

Сен менин сагынганым сезесиңби?
Түшүмдө гүл көтөрүп келесиңби?
Көрсөтүп бир жолу эле элесиңди,
Бактылуу кылып мени кетесиңби?...

*15.08.2024-жыл.*





## ЫСЫК КӨЛГӨ

Сүйүнүп турам бүгүн да,
Көлүмдү кайра көрдүм деп.
Бермети болгон кыргыздын,
Ысык-Көл сага келдим деп.

Келген жанга дем берген,
Кыргыздын көлү керемет.
Жээгиңди бойлоп эс алуу,
Ден-соолукка эң керек.

Өзүңдү карап турганда,
Батамын жандуу кызыкка.
Толкунуң жээкке урунса,
Угулат укмуш музыка.

Шамалың сууну ыргалтат,
Толкунуң жанды жыргатат.
Өзүңдөн алып эргүүнү,
Акын кыз сага ыр жазат.

Көбүгүң күмүш нур чачат,
Көркөмүң жанды жыргатат.
Көркөмдөп көлдү мактабай,
Кай акын айтчы тим жатат ?

*12.08.2024-жыл.*

## АТКАН ТАҢГА, КЕЛГЕН КҮНГӨ РАХМАТ

Шүгүр кылам жаңы күндү көргөндө,
Жакшыларга көңүлүмдү бөлгөндө.
Тилек тилеп, бата берем элиме,
Жашоолорго жакшы күндөр келгенге.

Таңдар атып, өмүр барат кыскарып,
Күн да чыкты нурун төгүп кызарып.
Көңүлүмдө турса дагы ызаалык,
Аткан таңдан эргүү алам жашарып.

Түнү бою ушаланып түйшөлүп,
Күтүп жаттым кайра таңдын атышын.
Жаңы күндө жакшы ырлар окушуп,
Окурмандын ырахатка батышын.

Күн келбесе ырды кайдан жазамын,
Жүрөгүмө эргүү кайдан аламын.
Ойлор менен ыр дүйнөдө чабыттап,
Ыр көлүнө кантип сүңгүп аламын.

Келген күнгө, аткан таңга ырахмат,
Бул өмүрдө жашоо кечүү ырахат.
Шүгүр кылып жашаганды билели,
Өмүр бизден баратса да ыраактап.

*07.08.2024-жыл.*





## КЫРГЫЗДЫН УУЛ-КЫЗДАРЫНА

Кыргыздардын желеги желбиреди,
Ар кыргыздын жүрөгү элжиреди.
Суктанып карап турган дүйнө жүзү,
Кыргызга дагы оомат келди деди.

Кыраандар кыргыз үчүн бар болгула,
Дайыма жакшылыкка жар болгула.
Кудайым кубат берип өзүңөргө,
Кыргыз үчүн эр көкүрөк жан болгула.

Бул оюнга эң мыктылар келишкен да,
Катышуу кандай кымбат жеңиштен да.
Тандалып дүйнөлүк оюндардан,
Ушул күнгө тилек кылып жетишкен да.

Алтынды алуу деген оңой эмес,
Бул жерге утулчуулар келген эмес.
Өзүңдү эр ойло, башканы шер ойло деп,
Илгертен акылмандар берген кеңеш.

Балдарым кыргыз үчүн алтынсыңар,
Аман-эсен келгиле элиңерге.
Сүйүнтүп колдоп жаткан элиңердин,
Желегин желбирете бергиле!!!

*07.08.2024-жыл.*

## ӨМҮР

Жаштыгым улам ыссык көрүнөсүң,
Күн өткөн сайын менден бөлүнөсүң.
Тумандап алыс калып күндөн-күнгө
Шамал айдап бараткандай сезилесиң.

Балалыгым туптунук, таза эле,
Ал күндөрүм ажайып башкача эле.
Жамгыр жаап өткөндөй таза болуп,
Жаман нерсе көңүлдү каптаса эле.

Андан соң турмуш деген башталды да,
Баарыбызды ар жолдорго таштады да.
Мыкты болсоң эми алып көргүнүң деп,
Турмуш өзү сабагын баштады да.

Азбы-көппү ар кандай өмүр сүрдүк,
Бирде ыйлап сооронсок кайра күлдүк.
Дуулап өстүк жаш кезде токтободук,
Эми болсо жалбырактай биз күбүлдүк.

Жакшы - жаман күндөрдү баштан кечип,
Карып улам барабыз өмүр өтүп.
Ичээр суубуз түгөнөөр күн да келет,
Бул жашоодо жашай турган күндөр бүтүп.

Өмүр деген жакшы нерсе экен го деп,
Өмүр барда көп күндөргө жетем го деп.
Өкүнбөстөй жашоо кечип алгыла деп,
Карылыкты узагыраак берсе го эх!!

*06.08.2024-жыл.*





## ОЛИМПИАДАГЫ БАЛДАРГА

Кудайым колдосо экен кыргыздарды,
Парижде жана турган жылдыздарды.
Манас Ата арбагы колдосо экен,
Олимпиадага барган уул-кыздарды.

Тынчтык күндүн ушулар баатырлары,
Кыргыз туусун дүйнөгө желбиреткен.
Көргөндө дүйнөлүк оюндарды,
Жүрөктөрдү башкача элжиреткен.

Өзүңөрдү кыргыз эл карап турат,
Силерге деп ар бири бата кылат.
Жүрбөсөк да жаныңарда жөлөп таяп,
Жеңсе экен деп баарысы үмүт кылат.

Алтын балдар дайыма бар болгула,
Биз силерге кыраандар ишенебиз.
Тааныткыла кыргызды кыргыз кылып,
Алтындар колдоп коштоп биз келебиз.

Жеңиш менен келет деп үмүттөнүп,
Кыргыз эли күтүп жатат өзүңөрдү.
Кубанычтан агылган көз жаш менен,
Күлүп турган көргүм келет жүзүңөрдү.

Оюңарды бир жерге топтогула,
Алтындарым эч нерседен коркпогула.
Артыңарда кыргыз турат ойлогула,
Улуу оюнда эң мыкты ойногула!!!

*06.08.2024-жыл.*

## КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Кыргыз жерим керемети жерлердин,
Кыргыз элим кеменгери элдердин.
Сени сүйүп, сен деп жашап келемин,
Өзүңө арнап ырларымды жаза беремин.

Көл жээгине барсам көңүл ачылат,
Тоолоруңдан буулуккан черим жазылат.
Карап турсам токоюңду, сууңду,
Көөдөндөгү ыза муңум басылат.

Тоолоруңдан бийиктикке жетемин,
Толкунуңдан толкуганды сеземин.
Арча, кайың, карагайың көргөндө,
Эмнегедир мен жашарып кетемин.

Сууларыңда шаркыраймын агамын,
Жолуң менен алыстарга барамын.
Суктандырып кыргыз жерин көргүн деп,
Бүт дүйнөгө жарыялап айтамын.

Табышмактуу жаратылыш койнунда,
Жашап келем кыргыз жерим оюмда.
Ырлар жазам өзүңө арнап түгөнгүс,
Чуркап турса калем сабым колумда.

*04.08.2024-жыл.*





## БИР ЫР ЖӨНҮНДӨ

Ырчы кыз ырын ырдап жаткан экен,
Кубулжуп үнү абдан мукам экен.
Токтолуп көңүл буруп тыңшап калдым,
Бул ырды далай ирет уккан экем.

Мурда мен маани бербей угуптурмун,
Башкаларга арналгандай туюптурмун.
Дал болуп бир ордумдан жыла албай,
Көзүмдөн жашым кулап угуп турдум.

Ушул ыр мага арналып жазылгандай,
Ар бир сөзү мага карай айтылгандай.
Тагдырыбыз окшош окшойт ай капырай,
Акындын турмуш жолу айтылгандай.

Ким жазса да абдан жакшы жазылыптыр,
Меникиндей татаал тагдыр айтылыптыр.
Жазуучу өзүнүкүн жазып койбой,
Биздикиндей көп тагдырга кайрылыптыр.

Акындар жүрөгүнөн ырын жазса,
Элдердин жүрөгүнөн орун табат.
Муңкантып обончулар обон салса,
Ырдалып өмүр бою элде калат.
Ырчылар жеткиликтүү ырдап берсе,
Ал ырлар тирүү болуп жашап калат.

*03.08.2024-жыл.*

## ЖАКШЫ МААНАЙ

Бүгүн менин ыр жазгым келип турат,
Адамдардын жашоосуна маанай улап.
Ар биринин колун кармай албасам да,
Ыр сунуп, ырым менен алын сурап.
Жакшы сөз жан эргитет дейт эмеспи,
Жакшынакай сөздөрдөн букет курап.

Өтөт экен өмүр деген өтө эле бат,
Ар бир минут, ар бир секунд эң кымбат.
Жаман айтып, жаакташып урушпастан,
Кылган жакшы тирүүлүктө сый-урмат.
Жакшы сөздөн чогултуп ыр курасак,
Көңүлдү көтөрүүгө кызмат кылат.

Күн жаркырап күлүп турса күнөөбү,
Келген күндү барктап, баалап сүйөлү.
Эмнеге эле күнөөлөйбүз бирөөнү,
А көрөкчө кадырлашып жүрөлү.
Жаңы күндүн келгенине кубанып,
Жакшы маанай тартуулашып жүрөлү.

*03.08.2024-жыл.*





## КӨЗ ТИЙГЕНБИ БИЗДИН СҮЙҮҮГӨ

Элдин баары бизди карашып,
Жүрчү элек бирге жанашып.
Эстей берем өткөн күндөрдү,
Жаштык, сүйүү бизге жарашып.

Менден ашкан адам бактылуу,
Жоктой болуп бүткүл ааламда.
Сезиптирмин дүйнө түгөлдөй,
Сен жүргөндө менин жанымда.

Жакшы жашоо болуп жайынча,
Өмүр өттү ылдам карачы.
Боло албадык көпкө бактылуу,
Ажал болуп бизге арачы.

Бактылуулук болуп сүйүүдө,
Жашап калдык куруп үй-бүлө.
Кызыккандар бизге көп эле,
Көз тийгенби биздин сүйүүгө.

*01.08.2024-жыл.*

## САГЫНУУ

Кыйын экен өмүрлүк жардан бөлүнүү,
Байкатпай элге сабырдуу болуп көрүнүү.
Убакыт өтсө унутуу оңой деп жүрсөм,
Сагынуудан жүрөгүм жаман өксүдү.

Өзүңдү эстеп өрттөнүп жүрөк эзилди,
Унутам деп убара кылдым сезимди.
Эстесем дайым көзүмдөн жашым куюлат,
Ээрчишип бирге экөөбүз жүргөн кезимди.

Сагынып сени сабалып жаным жүдөдүм,
Сагыныч ээлеп зарыгып үзбөйм күдөрүм.
Сабырым бүтүп санааркап жүрөм эзилип,
Сары оору болдум, өзүң деп согуп жүрөгүм.

*26.06.2024-жыл.*





## КЫРГЫЗСТАН МЕКЕНИМ

Кыргызстан менин ыйык мекеним,
Өзүңө арнап ырлар жазып келемин.
Аска-зооң, тоо таштарың, сууларың,
Бир өзүңдөн мен садага кетемин.

Шылдыраган суулар ылдый куюлат,
Кулагыма музыкадай туюлат.
Кубулжуган куштар үнү угулуп,
Көл толкуну жээкке барып урунат.

Мактанаарлык мал киндиктүү жерим бар,
Жүзү сүйкүм, пейли кенен элим бар.
Айткылачы кимиң кайдан көрдүңөр ?,
Мындай көркөм өлкө кайсыл жерде бар ?

Кыргызымды жер жүзүнө тааныткан,
Чыгып жатат не бир мыкты жарандар.
Манас бабам, Чыңгыз атам баштаган,
Кыргыз туусун желбиреткен чыгаандар.

Ишенемин сонун күндөр алдыда,
Мен көрбөсөм балдарым аны көрөт да .
Кызыктырып дүйнө элин тамшанткан,
Кыргызстан дайыма өсүп-өнөт да.

*31.07.2024-жыл.*

## КЫРГЫЗЫМДЫ СҮЙӨМҮН

Кылымдарды карыткан эл кыргызым,
Түбөлүккө өчпөй жансын жылдызың.
Көктө жылдыз, жерде кыргыз деп коёт,
Мелт-калт болуп кемибесин ырысың.

Кыргызым, бүтпөс менин ырларымсың,
Кыргызым, айтып бүтпөс сырларымсың.
Маңдайымда тийип турган айым күнүм,
Кыргызым жашоодогу жыргалымсың.

Кыргыз жерим жарык жанган күндөйсүң,
Көз кубантып бар тарабың гүлдөсүн.
Бейкуттукта чынар болуп өсө бер,
Бутагыңда булбул сайрап үндөсүн.

Мен дүйнөгө кыргызмын деп мактанам,
Кыргызмын деп сыймыктанып айта алам.
Кыргызмын деп иштеп, жашап жүрөмүн,
Анткени мен кыргызымды сүйөмүн.

*30.07.2024-жыл.*





## ЭГЕМЕНДИК

Союз тарап элге келип эркиндик,
Көз каранды эмес жашоо башталды.
Өз тагдырын өзү чечип ар улут,
Алга карай өнүгүүнү баштады.

Эгемендик келип кыргыз элиме,
Өсүү-өнүү берип жатат жериме.
Чын жүрөктөн кызмат кылып кыргызга,
Өстүрөлү өлкөбүздү келгиле.

Тынчтык күндү берип койсо кудайым,
Кыргыз элим өсө берсин ылайым.
Жашым келип бата берген убагым,
Жалаң гана жакшылыкты сурайын.

Отуз үч жыл болуптур келгенине,
Улам-улам элге берип жеңилдик,
Ар жыл сайын тосуп биз майрамдаган,
Кут болсун улуу майрам эгемендик.

*30.072024-жыл.*

## ЭКИ ЖАШКА АК БАТА

Тагдыр буюруп экөөңөр баш коштуңар,
Алдыдагы келечекке кол создуңар.
Жашоонун жакшы-жаман күндөрүндө,
Бир болууну тилек кылып жол тостунар.

Кармашкан колдоруңар бекем болсун,
Бактылуу күндөрүңөр нечен болсун.
Башыңардан ак калпак жоолук түшпөй,
Баштаган жолдоруңар кенен болсун.

Эки жакты тең көрүп сыйлагыла,
Эч адамга жамандык кылбагыла.
Улуулардын батасы кабыл болсун,
Жаныңарга жакындарды жыйнагыла.

Кудалар миң жылдык куда болсун,
Күйөө бала жүз жылдык күйөө болсун.
Казаныңар оттон түшпөй толо болсун,
Мал жаныңар көбөйүп короо болсун.

Ылайым ырыскынар кемибесин,
Эки жаш кыйын күндө кейибесин.
Кудайым бала-чака арбын берип,
Ак бешикке бөлөнүп өсө берсин.

Баш кошкондор бактылуу жубай болсун,
Баштарына бак конгон түгөй болсун.
Көшөгөнөр көгөрүп бирге болуп,
Өрнөктүү өмүрүңөр узун болсун.

*29.07.2024-жыл .*





## СЕН АЛЫКУЛ

Сен Алыкул акындардын чыгааны,
Сен Алыкул ыр жазгандын кыраны.
Алыкулдун ырларындай ыр жазуу,
Болсо экен акындардын ураанЫ.

Өлбөс-өчпөс чыгармалар жараткан,
Сен Алыкул акындардын тумары
Өзү өлсө да ырлары эч өлбөгөн,
Сен Алыкул ыр сүйгөндүн кумары.

Улуу акын Алыкулду сүйөмүн,
Ырларынан эргүү алып жүрөмүн.
Укмуш ырлар эстеликке калтырган,
Акындардын тирүүсү деп билемин.

Сен Алыкул акындардын чыгааны,
Сен Алыкул акындардын тумары.

*27.07.2024-жыл.*

## ТУШОО КЕСҮҮ БАТАСЫ

Кагылайын кичинекей медерим,
Өзүңө деп тушоо тойун беремин.
Тушоо кесип ырымдаган себебим,
Турмуш жолуң шыдыр болсун дегеним.

Куттуу болсун алга койгон кадамың,
Кудай сенден аябасын жардамын.
Түптүз болсун алдыдагы жолдоруң,
Ачык болсун алаканың, колдоруң.

Калпагыңдай балам дайым бийик бол,
Кыргызыма кызмат кылган жигит бол.
Улуу ишти жасап дайым улук бол,
Улук болсоң уулум дайым кичик бол.

Шашпай баскын жолдоруң тегиз болсун,
Сага деген жакшылыктар эгиз болсун.
Бактылуу бол айланайын кичинем,
Гүлдөр өссүн издериң бакча болсун

*25, 07.2024-жыл.*





## ЫРЫМ МЕНЕН

Асманга булут болуп көтөрүлүп,
Кайрадан жамгыр болуп төгүлсөмбү?
Ай болуп караңгыда жарык берген,
Же жылдыздай жаркырап көрүнсөмбү?

Суу болуп жылгалардан агылайын,
Жан дүйнөнү суугарып дарылайын.
Адамзатка кубат болуп ар тараптан,
Ырларым агыла бер кагылайын.

Ырларым алдейлеген баламдайсың,
Арыш керип улам алга кадамдайсың.
Өзүм менен ар дайым бирге болуп,
Ырларым мени сүйгөн адамдайсың.

*24.07.2024-жыл.*



## ЭС АЛУУНУ ЭСКЕРИП

Бүгүн дагы ыр жазайын олтуруп,
Калем алып дептеримди толтуруп.
Көл жээгинде эс алууда өткөргөн,
Күндөрүмдү кайра баштан болтуруп.

Көл үстүндө пароходду көргөндө,
Чыгармасын Чыңгыздын эстеп кетем.
"Ак кеме"-деп кыйкырып Нургазыдай,
Кыялымда мен ага сүзүп жетем.

Билесиңби? Дагы эмнени ойлоп кетем,
Жалган дүйнө чынында жомок экен.
Жээкте көлдү тиктеп олтурганда,
Алтын балык элестеп сүзүп кетем.

Чын эле балык болуп сүзүп кетсем,
Ысык-Көлдүн түбүнө түшүп кетсем.
Жазмышына бул өмүрдүн көнбөйт элем,
Тагдыр деген кыйын күндү көрбөйт элем.

Көлдү карап олтуруп көптү көрдүм,
Жакшысына, жаманына көнүл бөлдүм.
Жакшыны көрүп алып сүйүнсөм да,
Жаман жагын көргөндө абдан чөктүм.

Ыр дүйнөгө кошулсам да кеч келип,
Көргөнүмдү жазып коём эскерип,
Көл жээгинен көргөн жакшы элестер,
Бул өмүрдөн болуп калаар эстелик.

*24.07.2024-жыл.*





## ЫСЫК-КӨЛДҮН БЕРЕКЕСИ

Ысык-Көлдүн эң бир сонун маалында,
Келип калдым эс алууга жайында.
Көргөнүмдү жазбай койсом болбостур,
Жакшы адамдар турушканда жанымда.

Көрүп келдим кереметти көлдөгү,
Быйылкы жыл берекелүү болгондой.
Сүйүндүм түшүмү мол болуптур,
Кышы бою кыргыз элим тойгондой.

Кызыл, сары, жашыл болуп көрүнсө,
Ар бир үйгө боёк боёп койгондой,
Өрүктөрү шагын ийип самсаалап,
Шуру менен мончок тизип болгондой.

Бышкан экен алма менен кайналы,
Көздүн жоосун алып турат жаңгагы.
Сан да жетпейт ары жагында канчасы,
Сары өрүк менен таттуу кызыл алчасы.

Шүгүр кылдым кудайдын белегине,
Көлдүктөргө береке келгенине.
ахмат кооздукту көрүп кал деп,
Мага да мүмкүнчүлүк бергенине.

*22.07.2024-жыл.*

## КОШ ЫСЫК-КӨЛ

Көгүлтүр көлдү карап тургум келет,
Көркөмүң мага бүтпөс ырды берет.
Өмүрү узун ырлар жазгым келет,
Алыкулдун дүйнөсүндө калгым келет.

Шарпылдаган үнүңдү уккум келет,
Ак чардактай үстүңдө учкум келет.
Калкылдап кайыгыңа түшкүм келет,
Балык болуп түбүңдө сүзгүм келет.

Турмуштун мыйзамына көнүү керек,
Коштошуп алтын көлүм кайтуу керек.
Ысык-Көл убакыт бүтүп барат,
Алдыдагы максаттарга жетүү керек.

Күткүнүң мен өзүңө дагы келем,
Келдим деп сага ошондо салам берем.
Эмне кылдым, эмне көрдүм, кайда жүрдүм,
Шыбырап кулагыңа айтып берем.

Билип кой дайым сени сагынаармын,
Мүмкүнчүлүк болсо эле кайрыламын.
Жаныңдан алты кадам аттаганда,
Көңүлүм сени кайра эле сагынамын.

Кош десем, кош дедиң деп көңүл бөлбө,
Ыйласам мени менен ыйлай көрбө.
Дал ушул турпатыңдан жаза көрбө,
Сырларымды эч адамга айта көрбө.





Ысык-Көл дагы далай жолугабыз,
Сырдашып нечен жолу олтурабыз.

*23.07.2024-жыл.*

## ЫСЫК-КӨЛГӨ СУРООЛОР

Кондуруп махабаттын тактысына,
Канчалардын күбө болдуң бактысына?
Кулпуланган жүрөктөрдү ачып берип,
Ээ болдуң канча бакыт ачкычына?

Орток болдуң нечендердин сүйүүсүнө?
Түбөлүк кол кармашып жүрүшүнө.
Пайдубалын канчалардын курдуң экен?
Бактылуу өмүрлөрдү сүрүшүнө.

Капа болуп бул жашоонун жалганына,
Күбө болдуң канчалардын арманына?
Сүйгөнүнөн айрылган канча адамдын?
Жүрөктөрүн оорутуп калганына.

Канчалаган жандарды көрдүң экен?
Канчасына көңүлүң бөлдүң экен?
Көздөрүн жууй берип ыйлагандын,
Өзүң да туздуу болуп калдың бекен?

Ысык-Көл мүнөзүңдү жактырамын,
Канча суроо берсем да кебелбеген.
Бир сырдуу кыялыңды сыйлап келем,
Жыл өткөн сайын улам тереңдеген.

*21.07.2024-жыл.*

## ЫСЫК-КӨЛ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ

Мен келдим, амансыңбы Ысык-Көлүм?
Деп өзүңө кайрадан салам бердим.
Тааныдыңбы сен мени көп ичинен?
Же унутуп калдыңбы деги? – дедим.

Негедир үн катпай карап турдуң,
– Жалгызсыңбы? – деп мени аяп турдуң.
Жүгүрүп кучагыңа кирип бардым,
Таанырдым деп ошондо көнүл бурдуң

Жыпжылуу кучагыңдан чыккым келбей,
Айланып өзүң менен бийлеп жаттым.
Шыбырап кулагыңа сүйлөп айттым,
Рахмат, тоодой го деп менин бактым.

Ысык-Көл сагынганда келем сага,
Кубанып саламымды бердим кара.
Кучак жайып, жылуу-жумшак тосуп алсаң,
Сырларымды бөлүшүп кетем сага.

Көргөзбөй көз жашымды сүртүп турсаң,
Бугум жазып өзүңө ыйлап алам.
Жалгыздыктан кутулуп сени менен,
Күч-кубатуу ыр толтуруп жыйнап алам.

Таанырдым, таанырдым деп таттуу күлүп,
Сен мени кучагыңдан чыгаргың жок.
Макул деп оюң менен жүрө бердим,
Анткени менин дагы көңүлүм ток.

*20.07.2024-жыл.*





## САГА

Уктап жатып көрдүм сенин элесиңди,
Түн жылдызы болуп мага келесиңби?
Аралыкты ортодогу бириге алгыс,
Оолак кылып түбөлүк жеңесиңби?

Унута албай келемин жамалыңды,
Издеймин көп ичинен карааныңды.
Алыстарга сени издеп жолго чыксам,
Армандабай акыр сени табамынбы?

Көрөсүң биз экөөбүз жолугабыз,
Чер жазып көпкө чейин олтурабыз.
Саргарган сагынычты таратабыз,
Суктантып баарысын каратабыз.

*19.07.2024-жыл.*

## СЕНИ ИЗДӨӨ

Сени издеп бүгүн дагы күн өттү,
Сени издөө мени абдан жүдөттү.
Кантмек элем сага деген кусалык,
Көңүлүмө ушул ырды түнөттү.

Сени издөө адатыма айланып,
Калган окшойт мага өтө байланып.
Мына эми жетемин го дегенде,
Кеткенсийсиң булуттарга айланып.

Сен мага караан болуп көрүнөсүң,
Жеткенде көлөкөдөй бөлүнөсүң.
Далбастап сени издеп жатканымда
Булуттан жамгыр болуп төгүлөсүң .

*18.06.2024-жыл.*







## ИЗДЕЙМ СЕНИ

Издейм сени арасынан түрлөрдүн,
Издейм сени шыңгырынан үндөрдүн.
Издейм сени жыттарынан гүлдөрдүн,
Издейм сени жылдызынан түндөрдүн.

Сени издейм үлбүрүнөн каакымдын,
Сени издейм арасынан жакындын.
Сени издейм элесинен закымдын,
Сени издейм ырларынан акындын.

Сени издеп уктабай таң атырдым,
Сени издеп кайрадан күн батырдым.
Сени издейм үмүтүмдү үзбөстөн,
Уландысын эртенкиге калтырдым.

*18.06.2024-жыл. 00:10.*



## БИЛИП КОЙ

Сыйлуу жерде уят болуп каласың,
Жаман менен жаакташып айтышпа.
Андай менен кайра экинчи табышпа,
Жаап салгын, ал эшикке жабышпа.

Түйшүк тартып сен өзүңдү кыйнаба,
Айланаңа сыйлабасты жыйнаба.
Кекейгенге кекей деген сөз бар да,
Түгөнгүрүң түшүнбөсө ыйлаба.

Укпаганга угузам деп ойлобо,
Бүт адамды өзүң сымал болжобо.
Уттурасың жаман менен жанашпа,
Бара жаткан түз жолуңдан адашпа.

Ишенбесе адамга жалдыраба,
Ишенбесе ишенбей кете берсин.
Талашып тартышкандан эч пайда жок,
Туура болот сен андан жеңилгениң.

Күнөөң жокпу актануунун кажети жок,
Жабык сөздү козгобо себеби жок.
Баркыңды билбес менен дос болбогун,
Мамилени токтото бил кереги жок.

*18.07.2024-жыл.*





## ЖАКШЫЛАРГА

Амансыңбы? – көңүл сүйгөн жакшыларым,
Жаркылдап жан дүйнөмө жакчууларым.
Күйүп турган жүрөгүмө гүл өндүрүп,
Кыйын кезде акылдарын айтчууларым.

Жакшылардан жамандыкты күтпөймүн,
Жүрөгүмө бактылуулук түптөймүн.
Жалгыз кетпей жандап басып дайыма,
Жакшы болуу милдетин мен жүктөймүн.

Жакшыларым силер барда мен бармын,
Силер менен жашап келем кепкенен.
Көрбөй калсам караанына мен зармын,
Капа болом, ичим бышып мен тармын.

Жакшыларга каалайм жашоо бактысын,
Жан дүйнөнү ачып турган ачкычын.
Багыт берип, жол көрсөтүп башкага,
Катылган сыр, көңүлдөрүн тапкычын.

Кыйналганын билгизбей күлүп койгон,
Жакшы адамдар бул өмүрдүн күчтүүсү.
Эл түзөлүп үлгү кылып каранаар,
Жакшы адамдар тирүүлүктүн күзгүсү.

Кылган ишин жакшылардын козгоймун,
Мен аларды жүрөгүмө топтоймун,
Жакшыларга жаза турган сөздөр көп,
Бул өмүрдө жазып бүтпөйт окшоймун.

*18.07.2024-жыл.*

## БАР БОЛГУЛА

Бар болгула жашоомдо жолуккандар,
Өзүм менен биргеликте оолуккандар,
Жан дүйнөгө жакшы сезим берели деп,
Жаңы ырды күтүп жатып ооругандар.

Бар болгула баркымды билгендерим,
Бар сырымды бөлүшүп жүргөндөрүм.
Жакшы сөздү айтышып мактап мени,
Жүрөгүмдү экиге тилгендерим.

Бул жашоодо бактыма келгендерим,
Ырыскымдан бөлүшүп бергендерим.
Лайк басып ырларды окуп алып,
Калемиң кургабасын дегендерим.

Мен күлгөндө биргеликте күлгөндөрүм,
Жарты нанды бөлүшүп жүргөндөрүм.
Өмүрдө өзүм менен болгондорум,
Жүрөгүмдөн орун берип койгондорум.

Шүгүр кылдым ушул күндү бергенине,
Ыр жазып жүрөгүмдү оолуктурам.
Ыраазымын кудайга насип кылып,
Өмүрүмдө силерди жолуктурган.
Бар болгула менин сүйгөн адамдарым,
Силер менен мен дайым толуп турам.

*17.07.2024-жыл.*





## СОЮЗДУН АДАМЫБЫЗ

Ооба биз союздун адамыбыз,
Ошол кезге туш келген кадамыбыз.
Паспортту алганбыз СССРде,
Ошондуктан союздун жараныбыз.

Союздун адамдары дешип бизди,
Көп эле жерлерде жемелешти.
Күнөөсүз күнөөлүү болуп коём,
Себеби билбеймин эмне дешти.

Союзда жашаганым күнөөмбү?-деп,
Өзүмө суроо бердим нечен ирет.
Союзда жашагандар барсынарбы?
Жообун бул суроонун кимдер билет.

Союздун жамандыгын көргөн жокмун,
Көрмөк турсун таптакыр сезген жокмун.
Оокат издеп балдарды багамын деп,
Азыркыдай жер жүзүн кезген жокмун.

Жашадык ал учурда биз жөн эле,
Билим алып акчасыз бекер эле.
Союздагы күндөрдү эстегенде,
Ичим тыз дейт, жоюлду бекер эле.

Ооруп калсак кезекти күтүп туруп,
Дарыланып келчүбүз бекер эле.
Башкаларга кандай болду биле албадым,
А менин кетким келет азыр деле.

Азыркылар билбесе биз билебиз,
Союзда элдин баары бирдей болчу.
Бири бай, бири кедей болуп албай,
Окшошуп окуучулар эгиз болчу.

Дегендер мейли бизди жаман десин,
Жакшы болуп өздөрү жашай берсин.
Сагынып союзумду жашап өтөм,
Сеземин ал учурум бир келбесин.
Канча ирет кудайга жалынсам да,
СССРим кайрылып сен келбейсиң.

*17.07.2024-жыл.*





## ДАГЫ ЭСКЕРТТИ

Агызып элдин жыйган оокаттарын,
Ылай менен жуурултуп таштадыңбы?
Туура эмес кылганыңды эстей жүр деп,
Балакетти базардан баштадыңбы?

Бир заматта алаамат башка келип,
Койдуңбу калың элге белги берип.
Дүнүйө, байлык жыйам деп далбас урбай,
Жашайлычы тынч күнгө маани берип.

Ким ойлоптур Ак-Бурааны ашат деп,
Ашып барып Ош шаарымды басат деп.
Кудайдын жөнөткөн бул кырсыгынан,
Кутман элим туш-тарапка качат деп.

Бул да болсо кудайдын эскертүүсү,
Сабырын адамзаттын текшерүүсү.
Арам оокат, акча деп жашап калган,
Алып жутаар жандарды жек көрүүсү.

Ушундай оор күндө Ошту колдоп,
Жакшы иштерди жасайлы чын жүрөктөн.
Каргашалуу күн болорун ким билиптир,
Эскертүүнү кабыл алып бир тилектен.

Бул да болсо кудайдын кудурети,
Белги берген адамдарга керемети.
Буркан-шаркан болуп келип селге айланып,
Өзүнүн бар экенин дагы эскертти.

*16.07.2024-жыл.*

## ТӨРТ МЕЗГИЛДИ КҮТӨМҮН

Кутөмүн жаздын келишин,
Жылуулук жерге берет деп.
Өлбөгөн жанга жылына,
Жаз мезгили болот деп.
Элге кошуп менин да,
Энчимди ала келет деп.

Күтөмүн жайдын келишин,
Жапжашыл күндөр элестеп,
Жай мезгили көркөмдүү,
Эргүүлөрдү берет деп.
Эс алуу менен эргүүлөр,
Жакшы ырларды берет деп.

Күтөмүн күздүн күндөрүн,
Мол түшүм жерден келет деп.
Элдин кылган мээнетин,
Коңур күзүм берет деп.
Кырман толо дан жыйнаган,
Дыйкандар көзгө элестеп.

Күтөмүн кыштын күндөрүн,
Аппак кар көзгө элестеп.
Ак карга кошуп кудайым,
Аруулук сезим берет деп.
Жан дүйнөнү тазартып,
Ажайып сезим келет деп.





Дүйнө жүзү суктанган,
Жерде жашап жүрөмүн,
Төгөрөгү төп келген,
Төрт мезгилди сүйөмүн.
Биринен-бири кем эмес,
Төртөөнү бирдей күтөмүн.

*14.07.2024-жыл.*

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Ыр жазайын көңүлдү ача турган,
Жүрөктөргө жылуулук чача турган.
Окурманым тартылып ошол ырга,
Жан дүйнөгө сулуулук ала турган.

Ырларымда жаман сөз жазгым келбейт,
Адамдарды жаман деп айткым келбейт.
Жаман деген сөз жазып көөнүм ооруп,
Ырларымдын саптарын бузгум келбейт.

Ырларымда дүйнөмдү ачкым келет,
Сырларымдын ичине баткым келет.
Окуурманга жакшы сезим тартуулап,
Жазып бүтүп өзүмө кайткым келет.

Ырларым адамдарга белек болсун,
Кыйын күндө кубат берип керек болсун.
Автору ким экен деп ойлоп калса,
Жүзүмө чиркөө эмес, желек болсун.

*11.07.2024-жыл.*

## АК ТИЛЕК

Тынчтык күндү бергенге тооба кылып,
Ичимден күбүрөнүп шүгүр кылам.
Энелердин жүрөгү таза болот,
Элиме тилек тилеп, дуба кылам.

Жараткан жашоо үчүн жыргал берсе,
Көбүртүп көкүрөккө ырлар берсе.
Бүгүн мен жакшы тилек жазгым келди,
Кубаттап жүрөгүмдөн кыргыз элди.

Ак сакалдуу карылар калыс болуп,
Жалындуу жаштарында намыс болуп.
Кыргыз элим кылымдап келе жаткан,
Жашасын жамандыктан алыс болуп.

Ар үйдө кут-береке боло берсин,
Ынтымакта ырыскы толо берсин.
Бейпилдик, бейкуттукта жашап гана,
Ыр-күлкү, той-тамаша боло берсин.

Кудайым жамандыктан сактап турсун,
Жалаң эле жакшылык каптап турсун,
Ак эмгектен алпештеп баккан балдар,
Ата-эненин эмгегин актап турсун.

*14.07.2024-жыл.*





## АЖАЛГА

Жүрөгүмө бакыт кушун кондуруп,
Жүргөнүмдө кубанычка толтуруп.
Таш боордугуң көргөздүң сен мага да,
Бир заматта койдуң мени тоңдуруп.

Сен ажал жүрөгүмдү ооруттуңбу,
Жайнап турган жашоомду соолуттуңбу.
Бара жаткан жолуң менен кете бербей,
Кайрылып түгөйүмө жолуктуңбу.

Канчалаган жандарды сыздатасың,
Нечендеген жүрөктөрдү ыйлатасың.
Бактылуу өмүр сүрүп турушсун деп,
Сен ажал качан гана тынч жатасың.

Шум ажал капысынан сени келесиң,
Жан дүйнөгө катуу сокку бересиң.
Кечээ эле жүргөн жанды жок кылып,
Оо дүйнөгө алып кете бересиң.

Суранам балдарыма тие көрбө,
Суранам жакынымдан бөлө көрбө.
Балдарымды жөлөп-таяп турайынчы,
Суранам азыр мага келе көрбө.

*12.04.2024-жыл.*

## ДОСТОРУМ БАР

Көңүлүмдү гүл кылышып дайыма,
Абалымды ар убакта сураган.
Мен аларды көргөн сайын кубанам,
Досторум бар мага көңүл улаган.

Достун дагы досу болот турбайбы,
Сагынамын мен аларды көрбөсөм.
Жаман сезип каламын мен өзүмдү,
Жолукканда жакшы көңүл бөлбөсөм.

Досторум бар эң үлгүлүү жүрүшкөн,
Жашоосунда жакшы өмүр сүрүшкөн.
Кыйынчылык болуп турган күндө да,
Сыр алдырбай элге карап күлүшкөн.

Эски досуң эстен кетпейт турбайбы,
Ичим жылыйт мен аларды көргөндө.
Кадыр баркын сезип билип турамын,
Жашоо, турмуш бизди алыска бөлгөндө.

Жылдар сызып өткөн сайын билинбей,
Өткөн күндөр көзгө такыр илинбей.
Мен силерди сагынамын ар убак,
Жүрөгүмдүн тамырлары дирилдей.

Тез эле өтүп кетээр бул жалган да,
Досторум өмүрүңөр узун болсун.
Тилеймин баарыңарга чың ден-соолук,
Ар дайым көңүлүңөр ачык болсун.

*10.07.2024-жыл.*





## КЕГЕТИ – 2024

Керилген Сары-Өзөн, Чүй боорунда,
Шаркыраган шаркыратма боюнда.
Кезектеги жолугушчу күн келип,
Биз эс алдык Кегетинин койнунда.

Шылтоо кылып жыл сайын шеринени,
Кайрадан биз жолукчу күн да келди.
Эскеришип олтурдук ырдап бийлеп,
Эч кайрылбас жаштыкты бир кездеги.

Тоодон ылдый шаркыратма шаркырап,
Тамчылары тийген күнгө жаркырап.
Жылт-жулт этип суктанууну арттырып,
Кереметтүү сезимдерди тартуулап.

Жайындагы биз жолуккан ушул күн,
Эстен кеткис укмуштуудай күн болду.
Жүрөгүбүз кеткен өңдүү жашарып,
Сезимдерге соолубаган гүл конду,
Тайпадагы акын кыздар жүрөгүнө,
Эбегейсиз эргүү келип ыр толду.

Алдыда жолугушаар күндөр арбып,
Алтындар эсеби жок мол болсун.
Саныбыз мындан дагы көбөйүп,
Арабызга кошулчуулар көп болсун.
Алыс жакын кездешүүгө келчүүлөрдүн,
Армандабай төгөрөгү төп болсун.

Бар болгула мен сыйлаган жакшыларым,
Өзүм барда жүрөгүмдө калчууларым.
Ар чөлкөмдө жыл сайын жолугушуп,
Жаштык күнгө бирге кайтып барчууларым.
Эстен кеткис күндөрдө бирге болуп,
Кездешкенде эскеришип алчууларым.

*10.07.2024-жыл.*

## АКЫН ЖАЗАТ – 2

Акын жазат ар бир ырын көркөмдөп,
Таяп алып жүрөктөгү сырына,
Акын жазат жалаң гана чындыкты,
Калп айта албай өзү жазган ырына.

Акын жазат турмуштагы көргөндү,
Эл ичинде жашап, туюп сезгенди.
Жакшы жаман, ак караны жашырбай,
Акын жазат өз башынан өткөндү.

Кабыл алып өзгөчө сезим менен,
Акын жазат жаратылыш сулуулугун.
Эргүү алып байкаган кооздуктарды,
Жүрөгүнө түнөткөн жылуулукту.

Тамшандырып ырга салып ойлорду,
Акындарда жашайт сезим толгонуу.
Жүрөгүнөн өтөт окшойт болжолу,
Акын жазат жашоодогу болгонду.

*04.07.2024-жыл.*





## БИР КЕРЕМЕТ

Жашоо деген адамга,
Бир өмүрдө бир келет.
Казактардын жолунан,
Көрдүм укмуш керемет.

Кайың менен карагай,
Катарлашып өсүптүр.
Жолдун жээгин кооздой,
Түптүз болуп өтүптүр.

Жай мезгилдин сулуулугу,
Жапжашыл болуп келиптир,
Жаратканым кооздукту,
Ченеми жок бериптир.

Бара жаткан узун жолум,
Бүтпөсө деп кааладым,
Ааламдын бул кереметин,
Жүрөккө жакын санадым.

*03.07.2024-жыл.*

## КУТТУУ БОЛСУН ЖҮЗ ЖЫЛДЫК

Далай оор күндү баштан кечирип,
Кыргыз элим орун алган тарыхтан.
Жаркын күнгө жетүү үчүн жашоодо,
Чыгаандары тарых менен жарышкан.

Чачыранды болуп жашап күн көрүп,
Келечеги болуп турган бүдөмүк.
Кара Кыргыз обулусу түптөлүп,
Келечекке жол ачылган түбөлүк.

Миң тогуз жүз жыйырма төрт жылында,
Москвада Кара Кыргыз түзүлгөн.
Төрө агалык кылуучулук милдети,
Айдарбеков атабызга жүктөлгөн.

Бир жылдан соң өздөрүнчө бөлүнүп,
Кара-Кыргыз обулусу орногон.
Ошол кездин мыкты чыгаан балдары,
Келечекти куруу жолун ойлогон.

Жаңы жолдо, жаңы кадам ташталып,
Кыргыздарда жаңы жашоо башталып.
Кара-Кыргыз, Кыргыз болуп өзгөрүп,
Жашап калат жаңы муун төрөлүп.

Жүз жыл өтүп андан бери арадан,
Кыргыз аты ай ааламга тараган.
Эгемендик жашоо берип үзүрүн,
Кыргыз эли өнүгүүдө күнү-түн.





Кирип келген жүз жыл майрам кут болсун,
Кызыр даарып, кыргыз элге кут консун.
Кылымдарга аты өчпөй тарыхта,
Кыргыз элим түптүү, тектүү журт болсун!!!

## ТАНДАЙТ ЭЛЕМ КАЙРАДАН

Мен ыр жазам өткөн күнгө кайгырбай,
Ал күндөрүм кетсе дагы кайрылбай.
Жашоо деген өтөт экен нугунда,
Ким бар дейсиң кала турган айрылбай.

Эрте-кечпи келет турмуш сыноосу,
Келген кезде керек адам чыдоосу.
Кантмек элем мындан оор күн болсо?
Деп өзүнө бериш керек суроону.

Шүгүр кылаар балдарым бар жашоодо,
Кыйын күндө алар мени колдошот.
Өздөрүнүн балдары жаш болсо да,
Унутушпай алар мени ойлошот.

Тооба кылам бешенеме жазганга,
Качып кайда кутулмакмын болжолдон.
Кудай мага суроо берсе кайрадан,
Тандайт элем жашоомду ушул жашаган.

*30.06.2024-жыл*

## КАЛЕМ САБЫМ

Колумдагы койкойгон калем сабым,
Өзүңдү кармап алып ыр жазамын.
Байдыкемдей катыра албасам да,
Алымдын жетишинче сыр ачамын.

Сен мени өзүң жакшы түшүнөсүң,
Оюмду ак кагазга түшүрөсүң.
Чарчабай баштагандан аягына,
Бийчи кызым жазып баарын бүтүрөсүң.

Ишене албай жүрдүм мен баш жагында,
Сен мага улгайганда курбу болдуң.
Таарынам эми мени таштап кетсең,
Өмүрүм өткүчөктү бирге болгун.

Ыр дүйнө байкап көрсөм башка экен,
Экөөбүз ыр жазалы эчен-эчен,
Сырымды айтайынчы ырга айлантып,
Түгөнбөй өзүң мага жардам берсең.

Жакшынакай күндөрдү бирге көрүп,
Достугубуз экөөбүздүн болсун бекем,
Жанымда жандоочум бол калем сабым,
Ашуулардан ашалы нечен-нечен.

*29.06.2024-жыл.*





## УБАКЫТ

Убакыт деген учкан куш,
Тез эле өтүп тартылат.
Убагында кармап кал,
Болбосо сени карытат.

Адамдар деле калышпай,
Убакыт менен жарышат.
Тосуп чыккан алдынан,
Тоскоолдук менен алышат.

Чоңойтом деп балдарын,
Чоң-чоң милдет алышат.
Чоңойгончо бардары,
Ата-эне карып калышат.

Убакыттын өткөнүн,
Өздөрү билбей калышат.
Жаш кезим өткөн тура деп,
Өкүнүп анан наалышат.

Убакыт чиркин ушундай,
Өмүрлөр менен жарышкан.
Өкүнбөгөн эч ким жок,
Кылымдарды карыткан.

*26.06.2024-эыл.*

## КАЙТЫП БАРАМ

Кудайымдын мунусуна миң шүгүр,
Сапар карып эл-журтума баратам.
Эки жума билинбестен өтүптүр,
Бир кылчайып арт жагыма карасам.

Казактардын айылынан көп нерсе,
Көөдөнүмдүн түпкүрүнө батырдым.
Эң бир сонун көз ирмемдер өткөрүп,
Жан дүйнөмө жакшы сезим калтырдым.

Жөнөп барам көңүлүмдү жай кылып,
Куса болгон сагынычты шай кылып.
Кызым менен бир нече күн өткөрдүм,
Көкүрөктү жылуулукка бай кылып.

Конок болуп сыйын көрдүм жакшы эле,
Кайтуу керек ченеми бар баарынын.
Ар бирибиз коногубуз ар күндүн,
Ар бирибиз коногубуз өмүрдүн.

Кайда жүрсө аман болсун балдарым,
Узун өмүр, чың ден-соолук калаарым.
Сыйын көрдүм кызым, күйөө баланын,
Эми болсо уулдарыма барамын.

*23.06.2024-жыл.*





## КӨРӨ АЛБАСТЫК

Көр дүйнөгө алып барат көрө албастык,
Көңүлдөрдү жакындарга бөлө албастык.
Каршылашып жашашып бир өмүрдө,
Жакшы жолго түшө албай алдастык.

Көрө албастык көңүлдү түшүрөт да,
Жүрөктөрдү канатып бүтүрөт да.
Ортодогу мамилени бириктирбей,
Эки ажырым жолдордо жүргүзөт да

Көрө албастык душманга күлкү кылат,
Куйтуларды сүйүнтүп түлкү кылат.
Көрө албастык жан дүйнөнү ууга айлантып,
Туугандардын ортосун чууга салат.

Бул өмүрдө жашоо баркын билген жакшы,
Айткан сөздү көңүлгө түйгөн жакшы.
Көрө албастык илдеттен алыс болуп,
Адамдар бирин-бири сүйгөн жакшы.

*06.06.2024-жыл.*

## КАНТИП БАРАМ

Жолугууга айтчы кантип барамын?
Барыш үчүн күчтү кайдан аламын?
Бир кездеги жалтанбаган кезим жок,
Айтсаң анан кантип, кайда барамын?

Жолугалы деп суранып жатасың,
Эстейли деп жаш кездеги күндөрдү.
Барса барам, бирок сенден суранам,
Алып келбе мага арнап гүлүңдү .

Жолукканда колдорумду кармаба,
Ушул менин сага койгон талабым.
Угуп алып "сүйгөм" деген сөзүңдү,
Ансыз деле оттой күйүп жангамын.

Жолугууга мейли барса барайын,
Бирок мага жакшы сөзүң арнаба,
Тагдырымда татаал жолго кезигип,
Жүргөн кезим ичим толуп арманга.

Чакыргандан калбай барса барайын,
Ал күндөн да мен сабакты алайын.
Кача албайсың бешенеге жазгандан,
Барбай коюп, дагы арманда калбайын.

*03.04.2022жыл.*





## БУРАБАЙ КӨЛҮНӨ (Баравой)

Казагымдын сонун көлү Бурабай,
Мен өзүңө бүгүн келип турам ай.
Кооздукту көрүп туруп сендеги,
Көп нерсеге көңүлүмдү бурам ай.

Коңшулардын көркөм көлү Бурабай,
Жээгиңде кол булгалап турам ай.
Калкылдаган кайыгыңда баратам,
Бетке соккон шамалыңа карабай.

Тууганымдын мыкты көлү Бурабай,
Үйлөрүмө кайткым келбей турам ай.
Кантип өтөм көңүл бурбай жолуңан,
Эки жагың каптап турса карагай.

Туусукандын жакшы көлү Бурабай,
Чындап сага көңүлүмдү бурам ай.
Ысык-Көлгө жетпесиңди сезсем да,
Бир туугандай сени каалап турам ай.

Мен кетемин, сен каласың Бурабай,
Мен өзүңө кош айталбай турам ай.
Аман болгун кайра келем айланып,
Ишенип кой, убадама турам ай.

*20.06.2024-жыл.*

## БИЗДИН ЖОЛДОР

Узун жолдор жер шаарынын тамыры,
Барчу жерге алып барат акыры.
Аба жолу, суу жолу, темир жолу,
Күндөн күнгө өсүп бара жатканы.
Ушул жолдор кан тамырга барабар,
Жолго чыксаң азыгыңды ала бар.

Булуттарды жиреп өтүп асмандан,
Аба жолдо самолётто учасың.
Бешенеге жазып койсо учууну,
Мейкиндикте канат байлап сызасың.
Саякатчы бака сымал кетесиң,
Барчу жерге ылдам эле жетесиң.

Суу жолунда кеме менен кетесиң,
Суу жолунун кенендигин сезесиң.
Океанда лайнер менен жүрөсүң,
Жараткандын кереметин көрөсүң.
Мухитте жол чексиздигин баалайсың,
Мындай жолдун бүтпөгөнүн каалайсың.

Темир жолдо поезд келет шакылдап,
Бараар жерге улам-улам жакындап.
Жаратылыш кооздугун көрөсүң,
Мезгил чиркин өткөн сайын закымдап.
Кенен-кенен ыр жазасың бул жолдо,
Саптар келип чубурганда жакындап.





Авто жолдо көлүк менен жүрөбүз,
Бул жолдордон ар күн сайын өтөбүз.
Трассада зымырап жол жүрөсүң,
Начар жолдо көрбөгөндү көрөсүң.
Көп нерсени үйрөнөсүң, билесиң,
Ал анткени белги менен жүрөсүң.

Узун-узун жолдор жатса агылып,
Көп суроого жоопторду беремин.
Жер шарынын жашоосу үчүн түбөлүк,
Бардык жолдор маанилүү деп билемин.
Таза, кенен жана жакшы жолдорду,
Жараткансым берсе экен деп тиледим.

*20.06.2024-жыл.*



## БЕРЕКЕЛҮҮ АЙТ МАЙРАМЫ АЙЫЛДА

Илгеркиден келе жаткан сакталып,
Берекелүү айт майрамы айылда.
Кирин жууп, боорсогун дайындап,
Үч күн эрте көрө баштайт камылга.

Айт күндөрү апам эрте ойготуп,
Койор элек дасторконду жайнатып.
Айт намаздан ак сакалдар кайтканда,
Калаар элек куран окуп, бата алып.

Бала чакта биз ырдаган айт маарек,
Азыр деле маарек айтат айылдар.
Жети үйдөн даам сызып айтташып,
Кандай жакшы тосуп жүрсө жакындар.

Айт майрамы үч күн бою айтталат,
Дасторконго түркүн даам жасалат.
Ата-бабам улап келген УЛУУ күн,
Айт майрамы түбөлүккө сакталат.

*16.06.2024-жыл.*





## БААРЫ СОНУН

Ала-Тоо курчап турган жерим сонун,
Ак калпак кийип жүргөн элим сонун.
Араңарда аман-эсен жашап жүрөм,
Алланын бергенинин баары сонун.

Бейкапар уктап жаткан түнүм сонун,
Ойгонуп көзүмдү ачкан күнүм сонун.
Шаңкылдап ырдап жаткан үнүм сонун,
Буркурап жыты аңкыган гүлүм сонун.

Ойгонуп көзүмдү ачкан таңым сонун,
Жашоодо жашап жаткан шаңым сонун.
Үй-бүлөм, бала-чакам баары сонун,
Алма, өрүк бышып жаткан багым сонун.

Кең пейил чалкып жаткан көлүм сонун,
Жайкалып киндик кандуу төрүм сонун.
Кара эмес, сары эмес, .аппак эмес,
Суктанткан бардык элди өңүм сонун.

Мектептен алып калган билим сонун,
Андан ары улаган илим сонун.
Кең пейил элге кылган дилим сонун,
Сакталып келе жаткан тилим сонун.

Төрүнө барып калсам төркүн сонун,
Туулган жер суктандырып көркүң сонун.
Кызматын кылсам дагы чарчабаган,
Кадырлуу кайын журтум дагы сонун.

Кыдырып сыйын көрсөм кызым сонун,
Бактылуу кылган мени балам сонун.
Бапырап кучагыма толуп турса,
Баламдан неберелер абдан сонун.

Барганда кучак жайып тосуп алган,
Туулуп өскөн татына айылым сонун.
Батырып баарысын багып жаткан,
Балпайган Бишкек деген шаарым сонун!

Аскасы көк тиреген тоом сонун,
Жайкалып мал жайылган бооруң сонун.
Ой-кырды бириктирген жолун сонун,
Бактылуу жашап жаткан доорум сонун.

*10.06.2024-жыл.*







## ЧЫНГЫЗ АТАМ

Чынгыз деген атты укканда кубанам,
Кубанбастан айтчы кантип туралам.
Бүт ааламды дүңгүрөтүп дүбүртү,
Чыгармадан өлбөс өмүр кураган.

Балалыгы согуш күнгө туш келип,
Бактылуу балалыкты көрбөсө да.
Түбөлүктүү чыгармалар калтырды,
Бүт дүйнөгө тараарын билбесе да.

Кыргыз атын бүт ааламга тааныткан,
Ким бар дейсин Чынгыз атын билбеген.
Өтсө дагы бул жашоодон кош айтып
Ким бар дейсиң...
Чыгармасын сүйүп, окуп жүрбөгөн.

Ыр жазамын жүрөгүмдөн гүл өнүп,
Өзүң үчүн десте болсун түбөлүк.
Эртеңибиз болсо дагы бүдөмүк,
Кыргыз барда Чыңгыз жашайт түбөлүк.

Жыздызы өчпөс залкар чыгып кыргыздан,
Кыргыз атын ай ааламга угузган.
Манас атам, Чынгыз атам дүйнөгө,
Кыргызымды өлбөс кылып тургузган.

*10.06.2024-жыл.*

## МАЗМУНУ


АКЫН КЫЗГА АК ЖОЛ КААЛАЙМЫН ........ 3
БИР ӨЗҮҢДҮ САГЫНАМ ........ 5
САГЫНЫЧЫМ ТҮГӨНБӨЙТ ........ 6
АЙТАМ САГА ........ 7
ЖҮРӨГҮМӨ ........ 8
АКМАРАЛЫМ ........ 9
КЕЛДИ КЫШ ........ 10
ЫР ЖАЗАЙЫН ........ 11
НАСААТ ЫР ........ 13
ЫСЫК-КӨЛ ........ 14
АКЫНДАР ........ 15
БУЛАНБЕК АКЕГЕ ........ 16
ЖАШОО СЫРЫ ........ 18
ПЕЙИЛ ЖОК ........ 19
ЖАМАН СӨЗ ........ 20
ЫР ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ЭСЕЛЕП ........ 21
БАЛА ........ 22
АДАМДАР ........ 23
КИМ КӨРДҮ ........ 24
ӨТКӨНДҮ ӨТКӨРӨЛҮ ........ 25
ӨМҮР ДЕГЕН ........ 26
АЯНА КЫЗЫМА ........ 27
ЭЛҮҮ БЕШ ЖАШ ........ 28
АПАКЕМ ........ 29
КЕЧИККЕН ЫР САПТАРЫ ........ 30
КЫШЫНДА ........ 31
КАЙНЕНЕМЕ ........ 32
ЭГИЗ КАЙЫН СИҢДИЛЕРГЕ ........ 33
БИЗДИН МАЙРАМ ........ 34
КҮЗ ........ 35
А ЖАШОО ӨТҮП ЖАТАТ НУГУ МЕНЕН ........ 36
АРМАНЫМ ........ 37
ЖОЛДОШУМА ........ 38
СИҢДИМ ВЕНЕРАГА ........ 39
КҮЙӨӨ БАЛАМ КАНАТКА ........ 40
ИНИМ МИРТЕМИРГЕ ........ 41
ИНИМ МИРБОЛОТКО ........ 42
КУСАЛЫК ........ 43
ӨЗГӨРҮП КАЛДЫМ ........ 44







ЫСЫК-КӨЛГӨ КАЙРЫЛУУ ........
АЙКӨЛ НЕБЕРЕМ ........
ИБРАХИМ ........ 45
БАЛАМА ........ 46
АЛТЫН АПАМ ........ 47
ЖОЛДОШУМА ........ 48
КУТМАН КУРАК ........ 49
КАЙЫН АТАМА ........ 50
КЫЗЫМ ЖАНАРАГА ........ 51
КЫЗ УЗАТУУДА ........ 52
КЕЛИН КЕЛДИ ........ 53
ТАБЫШМАК ........ 54
СЕН КИМСИҢ ........ 55
КЕЛЧИ КУРБУМ ........ 56
КУРДАШТАРЫМА ........ 57
КЛАССТАШ КУРБУЛАРЫМ ........ 58
ӨМҮР ЖАНА МЕЗГИЛ ........ 59
ЫНАК УУЛУМА ........ 60
АПАМА ........ 61
ТАГДЫРЫМА КӨНГӨНСҮЙМ ........ 62
КАЙРЫЛУУ ........ 63
ТАМАРАГА ........ 64
ОРОЗГҮЛГӨ ........ 65
ГҮЛАЙША ........ 66
МАТЕМАТИКАЛЫК ЫР ........ 67
ЭНЕЛЕРДИН ТИЛЕГИ ........ 68
ДОСУМ ........ 69
АЙНУРАГА ........ 70
АЛТЫМЫШ ЖАШ ........ 72
ЭСКИ АЛЬБОМ ........ 73
КЫЗЫМА БАРЫП КЕЛДИМ ........ 74
ЭКИ ДОСКО ........ 75
ЭЛ КАТАРЫ ЖАШАЙМЫН ........ 76
КҮЗГҮ ЖАМГЫР – 1 ........ 77
СҮЙҮҮ ДЕГЕН ........ 78
МАХАБАТ КУРБУМА ........ 79
КАРЫЛЫК ........ 80
КЫМБАТ ЖЕҢЕМЕ ........ 81
ЧЫНАРА АБЫСЫНЫМА ........ 82
ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ ........ 83
ЭМИРЛАН ИНИМЕ ........ 84
НООРУЗ ........ 85

ЖАЗ ........ 88
ЫСЫК-КӨЛҮМ ........ 89
ӨМҮР ЖОЛУ ........ 90
МЕН ТАРАЗГА БАРАТАМ ........ 91
ЧАКЫРЫК ........ 92
ЫНАГЫМА ........ 93
ЫР ИЗДЕП ........ 94
БҮГҮН ЫР ЖАЗАЙЫНЧЫ ........ 95
ТАЛАСТЫН ЖИГИТТЕРИ ........ 96
БҮГҮН ЖАША ........ 97
САПЫРЫЛГАН СЕЗИМДЕР ........ 98
КУРБУМА ........ 99
ДОСТОРУМА ........ 100
ОЙЛОНОМУН ........ 101
АЛТЫМЫШ ЖАШ ТОЙГО КААЛОО ........ 102
ЖАШТЫГЫМ ........ 103
Эх чиркин!.. ........ 103
АКЫН ЖАЗАТ - 1 ........ 104
МУГАЛИМ ........ 105
КАРЫЛАР КҮНҮНӨ ........ 106
ЖОЛДОГУ КАЙЫҢГА ........ 107
КҮЗГҮ ЖАМГЫР – 2 ........ 108
БОЗ ТОПУРАК ........ 109
ОЙЛОБОДУМ ........ 110
СЫРТТА ЖАМГЫР ........ 111
КӨК БӨРҮ ........ 112
ЖАКШЫЛАРГА ........ 113
КҮЗГӨ АЙТАМ САЛАМДЫ ........ 114
КОМУЗУМ ........ 115
КҮЗГҮ ТИЛЕК ........ 116
МЕН ӨЗҮМӨ ........ 117
ЖОЙГУМ КЕЛЕТ ........ 118
КҮЗДӨ ........ 119
ЭСТЕДИМ ........ 120
ЭРТЕҢ МАЙРАМ ........ 121
ЖАЙ МЕЗГИЛ САГА ЫРАХМАТ ........ 122
СОНУН УБАК ........ 123
КҮЗГҮ КАЙРЫКТАР ........ 124
КУСАЛЫКТЫ ЖЕҢЕМИН ........ 125
ТАЛАНТ ДОСУБУЗГА ........ 126
КУРБУМ РОЗАГА ........ 128
КИЧИНЕКЕЙ НЕБЕРЕМ ........ 130





ТУРМУШКА ЧЫГААР КЫЗГА НАСААТ
ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ – 1 ........
СЕНИ ОЙЛОП ........ 131
ЫСЫК КӨЛГӨ ........ 133
АТКАН ТАҢГА, КЕЛГЕН КҮНГӨ РАХМАТ ........ 134
КЫРГЫЗДЫН УУЛ-КЫЗДАРЫНА ........ 135
ӨМҮР ........ 136
ОЛИМПИАДАГЫ БАЛДАРГА ........ 137
КЫРГЫЗ ЖЕРИМ ........ 138
БИР ЫР ЖӨНҮНДӨ ........ 139
ЖАКШЫ МААНАЙ ........ 140
КӨЗ ТИЙГЕНБИ БИЗДИН СҮЙҮҮГӨ ........ 141
САГЫНУУ ........ 142
КЫРГЫЗСТАН МЕКЕНИМ ........ 143
КЫРГЫЗЫМДЫ СҮЙӨМҮН ........ 144
ЭГЕМЕНДИК ........ 145
ЭКИ ЖАШКА АК БАТА ........ 146
СЕН АЛЫКУЛ ........ 147
ТУШОО КЕСҮҮ БАТАСЫ ........ 148
ЫРЫМ МЕНЕН ........ 149
ЭС АЛУУНУ ЭСКЕРИП ........ 150
ЫСЫК-КӨЛДҮН БЕРЕКЕСИ ........ 151
КОШ ЫСЫК-КӨЛ ........ 152
ЫСЫК-КӨЛГӨ СУРООЛОР ........ 153
ЫСЫК-КӨЛ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ ........ 154
САГА ........ 155
СЕНИ ИЗДӨӨ ........ 156
ИЗДЕЙМ СЕНИ ........ 157
БИЛИП КОЙ ........ 158
ЖАКШЫЛАРГА ........ 159
БАР БОЛГУЛА ........ 160
СОЮЗДУН АДАМЫБЫЗ ........ 161
ДАГЫ ЭСКЕРТТИ ........ 162
ТӨРТ МЕЗГИЛДИ КҮТӨМҮН ........ 163
ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ........ 165
АК ТИЛЕК ........ 166
АЖАЛГА ........ 167
ДОСТОРУМ БАР ........ 168
КЕГЕТИ – 2024 ........ 169
АКЫН ЖАЗАТ – 2 ........ 170
БИР КЕРЕМЕТ ........ 171
КУТТУУ БОЛСУН ЖҮЗ ЖЫЛДЫК ........ 172
........ 173
........ 174

ТАНДАЙТ ЭЛЕМ КАЙРАДАН ........ 175
КАЛЕМ САБЫМ ........ 176
УБАКЫТ ........ 177
КАЙТЫП БАРАМ ........ 178
КӨРӨ АЛБАСТЫК ........ 179
КАНТИП БАРАМ ........ 180
БУРАБАЙ КӨЛҮНӨ (Баравой) ........ 181
БИЗДИН ЖОЛДОР ........ 182
БЕРЕКЕЛҮҮ АЙТ МАЙРАМЫ АЙЫЛДА ........ 184
БААРЫ СОНУН ........ 185
ЧЫНГЫЗ АТАМ ........ 187

**Элмира Алымкулова**

**КҮЗГҮ КАЙРЫКТАР**

*Ырлар*

*Редактору* Зуурабү Маметова
*Корректору* Айдынкан Бостонова
*Компьютердик калыптоочу* Мырзабек Кадыров

Форматы 60x84 1/16. Офсеттик басуу
Офсеттик кагаз. Көлөмү 12 б.т.
Заказ №56. Нускасы 100 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Үсөнбев көчөсү, 149,
Тел.: 62-02-13



**Алымкулова Элмира Кенжетаевна** 1965-жылы 24-мартта төрөлгөн.

1972-82-жылдары орто мектепти, 1982-87-жылдарда КМУУнун математика факультетин бүтүргөн. Кесиби мугалим.

2002-жылдан бери ыр жазып жүрөт, «Ырларым менин сырларым» аттуу китеби жарыкка чыккан. ТҮРК АЛЕМИ ЖАЗУУЧУЛАР ОРДОСУнун мүчөсү. «АЛАКА» Эл аралык фондунун мүчөсү. «Жаз деми» альманах-1 китебине жана «Аска» журналдарына ырлары чыккан. Бир нече жолу конкурстардын жеңүүчүсү болуп, диплом, грамоталар менен сыйланган.

Эки уул, бир кыздын энеси, 13 неберенин чоң эне, таэнеси.